КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНКЫНЫН

# ЧЕНЕМДИК АКТЫЛАРЫ

## № 4/2025

# НОРМАТИВНЫЕ АКТЫ

НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары**

**Редакциялык кеңеш:**
Төрага: Темиров К.А.
Коллегия мүчөлөрү: Абдыразаков Э.О.
Жаныбекова Ч.А.
Байгулова Н.А.
Жоробекова А.Т.
Жооптуу катчы: Момункулова А.О.

**Басылманын мазмунуна тиешелүү маселелер боюнча маалымат алуу үчүн:**
Бишкек шаары, Киев көчөсү, 189, Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын Юридикалык башкармалыгына:
телефон: (996 312) 66 90 15+1096 телефону менен кайрылсаңыздар болот
http://www.nbkr.kg

**Басылманы таркатуу маселеси боюнча:**
Бишкек шаары, Киев көчөсү, 189, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын басылмалары бөлүмүнө:
телефон: (996 312) 66 90 15+1204 телефону менен кайрылсаңыздар болот

**Журналды чыгаруунун максаты болуп Улуттук банктын ченемдик актыларына расмий жарыялоо аркылуу жалпыга маалымдоо саналат.**
**Журналдын болжолдуу мезгилдүүлүгү - мамлекеттик жана расмий тилдерде чейрек ичинде бир жолу.**

**Уюштуруучусу** – Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы.
Басылма Кыргыз Республикасынын Адилет министрлигинде каттоодон өткөн жана 1998-жылдын 5-октябрында 321-номердеги күбөлүктү алган.

Жоопкерчилиги чектелген коом «M-Maxima» тарабынан даярдалган жана басылып чыгарылган.
Бишкек шаары, К.Тыныстанов атындагы көчө, 197/1.
2026-жылдын 24-апрелинде басууга кол коюлган.
2026-жылдын 30-апрелинде басылган.
20 нускада чыгарылат.
© Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы, 2026-жыл.
Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын уруксатысыз басылманы

кайсы формада, кайсы каражаттар менен болбосун көчүрүп басууга жана таркатууга жол берилбейт. Кайра басууда жана андан шилтеме келтирүүдө «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик актылары» басылмасына таянуу зарыл.

# Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики

**Редакционный совет:**
Председатель: Темиров К.А.
Члены коллегии: Абдыразаков Э.О.
Жаныбекова Ч.А.
Байгулова Н.А.
Жоробекова А.Т.
Ответственный секретарь: Момункулова А.О.

По вопросам, связанным с содержанием публикаций, обращайтесь по адресу:
г. Бишкек, улица Киевская, 189, Национальный банк Кыргызской Республики, Юридическое управление:
телефон: (996 312) 66 90 15+1096
http://www.nbkr.kg

**По вопросам, связанным с распространением публикаций Национального банка Кыргызской Республики, обращайтесь по адресу:**
г. Бишкек, улица Киевская, 189, Национальный банк Кыргызской Республики, Отдел публикаций Национального банка:
телефон: (996 312) 66 90 15+1204

**Целью издания журнала является официальная публикация нормативных актов Национального банка для обеспечения коммерческих банков и общественности нормативными документами Национального банка и официальной информацией о деятельности Национального банка, а также проведение пропаганды банковского законодательства Кыргызской Республики. Предположительная периодичность издания журнала – один раз в месяц на кыргызском и русском языках.**

**Учредитель:** Национальный банк Кыргызской Республики.
Издание зарегистрировано Министерством юстиции Кыргызской Республики, свидетельство о регистрации СМИ № 321 от 5.10.1998 года.

Подготовлено к печати и отпечатано ОсОО «Maxima». г. Бишкек, ул.Тыныстанова, 197/1
Подписано в печать 24 апреля 2026 года
Отпечатано 30 апреля 2026 года
Тираж 20 экз.

© Национальный банк Кыргызской Республики, 2026 год. Настоящее издание не подлежит воспроизведению и распространению в любой форме и любыми средствами без разрешения Национального банка Кыргызской Республики. При перепечатке и переводе выдержек ссылка на издание «Нормативные акты Национального банка Кыргызской Республики» обязательна

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын башка басылмалары

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын жылдык отчету**

Басылма Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (Улуттук банктын) өткөн жыл үчүн отчету болуп саналат. Ал өзүндө республиканын экономикалык өнүгүшү жана акча-кредит саясаты, финансылык отчеттуулук, Улуттук банк жөнүндө жалпы маалыматтарды, статистикалык тиркемелерди камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын бюллетени**

Бул ай сайын чыгарылуучу маалыматтык басылма Кыргыз Республикасынын негизги макроэкономикалык көрсөткүчтөрү, экономика секторлору боюнча статистикалык маалыматтарды камтыйт. Кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарык көрөт.

**Кыргыз Республикасынын төлөм теңдеми**

Басылмада тышкы секторду өнүктүрүү тенденциялары жана төлөм балансы, тышкы соода, эл аралык камдар, тышкы карыз жана Кыргыз Республикасынын инвестициялык позициялары боюнча маалыматтар чагылдырылат. Чейрек сайын – февраль, июнь, август, ноябрь айларында кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланып турат.

**Кыргыз Республикасынын финансы секторунун туруктуулугу жөнүндө отчет**

Бул отчет финансылык туруктуулукка таасир этүүчү тышкы жана ички экономикалык факторлор боюнча Улуттук банктын жалпы баа берүүсүн, анктардын жана башка финансылык ортомчулук институттарынын абалын, ошондой эле Кыргызстандын финансы рынокторунун күндөлүк абалын жана финансы секторунун туруктуулугун талдап-иликтөөнү агылдырат. Жарым жылдык негизде кыргыз, орус жана англис тилдеринде жарыяланат

## Другие издания Национального банка Кыргызской Республики

**Годовой отчет Национального банка Кыргызской Республики**
Данная публикация является отчетом Национального банка Кыргызской Республики (НБКР) за прошедший год. Содержит краткую информацию об экономическом развитии республики и денежно-кредитной политике, финансовую отчетность НБКР, общие сведения о НБКР, статистические приложения. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

**Бюллетень Национального банка Кыргызской Республики**
Это ежемесячное информационное издание содержит статистические сведения по основным макроэкономическим показателям и секторам экономики Кыргызской Республики. Выпускается на трех языках: кыргызском, русском и английском.

**Платежный баланс Кыргызской Республики**
«Платежный баланс Кыргызской Республики» отражает тенденции развития внешнего сектора и данные по платежному балансу, внешней торговле, международным резервам, внешнему долгу и международной инвестиционной позиции Кыргызской Республики. Публикуется ежеквартально в феврале, июне, августе, ноябре на кыргызском, русском и английском языках.

**Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики**
Отчет о стабильности финансового сектора Кыргызской Республики отражает общую оценку Национального банка относительно внешне экономических и внутриэкономических факторов, влияющих на финансовую стабильность, состояния банков, других институтов финансового посредничества, а также анализ текущего состояния финансовых рынков и устойчивости финансового сектора Кыргызстана. Публикуется два раза в год, на кыргызском, русском и английском языках

## МАЗМУНУ


1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 23-октябрындагы № 2025-П-12/55-4-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому (2025-жылдын 28-октябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)............................................................12
2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 27-октябрындагы № 2025-П-07/56-1-(ДКП) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө» токтому (2025-жылдын 28-октябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)............................................34
3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 29-октябрындагы № 2025-П-14/57-2-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2025-жылдын 4-ноябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)............................................................35
4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 31-октябрындагы № 2025-П-14/59-1-(ПС) «Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдарында/төлөм системаларынын операторлорунда ички жана тышкы алдамчылыкка (антифрод) каршы аракеттенүү системасына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтому (2025-жылдын 10-ноябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)......................................................................41
5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 31-октябрындагы № 2025-П-14/59-2-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому (2025-жылдын 11-ноябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)............................................................56
6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 12-ноябрындагы № 2025-П-02/60-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 21-декабрындагы № 2022-П-02/81-6-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын ишкердик субъекттеринин ишине карата жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2025-жылдын 14 ноябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)............................................................90

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 12-ноябрындагы № 2025-П-12/60-4-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтому (2025-жылдын 13-ноябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)......................................................................98
8. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 24-ноябрындагы № 2025-П-07/62-2-(ДКП) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө» токтому (2025-жылдын 25-ноябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)..................................109
9. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 24-ноябрындагы № 2025-П-07/62-3-(ДКП) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын отурумдарынын 2026-жылга каралган графиги жөнүндө» токтому (2025-жылдын 25-ноябрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)....................................................................110
10. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 3-декабрындагы № 2025-П-12/64-5-(ПС) «Акча которуулар боюнча комиссиялык сый акы алууга убактылуу чектөө киргизүү жөнүндө» токтому (2025-жылдын 3-декабрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)..................113
11. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 17-декабрындагы № 2025-П-14/67-5-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 12-августундагы № 2020-П-12/45-3-(НПА) «Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» токтому (2025-жылдын 23-декабрында Улуттук банктын расмий интернет-сайтында жарыяланган)..........................................................................115

# СОДЕРЖАНИЕ

1. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» от 23 октября 2025 года № 2025-П-12/55-4-(НПА) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 28 октября 2025 года)....................................................................................132
2. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О размере учетной ставки Национального банка Кыргызской Республики» от 27 октября 2025 года № 2025-П-07/56-1 (ДКП) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 28 октября 2025 года)..............................152
3. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» от 29 октября 2025 года № 2025-П-14/57-2-(ПС) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 4 ноября 2025 года)....................................................................................153
4. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «О минимальных требованиях к системе противодействия внутреннему и внешнему мошенничеству (антифрод) в платежных организациях/операторах платежных систем Кыргызской Республики» от 31 октября 2025 года № 2025-П-14/59-1 (ПС) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 10 ноября 2025 года)....................................................................................159
5. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» от 31 октября 2025 года № 2025-П-14/59-2-(ПС) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 11 ноября 2025 года)...................................................................................173
6. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Методики проведения анализа регулятивного воздействия нормативных правовых актов Национального банка Кыргызской Республики на деятельность субъектов предпринимательства» от 21 декабря 2022 года № 2022-П-02/81-6-(НПА)» от 12 ноября 2025 года № 2025-П-02/60-1-(НПА) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 14 ноября 2025 года)....203

7. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О внесении изменений в некоторые нормативные правовые акты Национального банка Кыргызской Республики» от 12 ноября 2025 года № 2025-П-12/60-4-(НПА) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 13 ноября 2025 года)....................................................................................210
8. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О размере учетной ставки Национального банка Кыргызской Республики» от 24 ноября 2025 года № 2025-П-07/62-2 (ДКП) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 25 ноября 2025 года)..............................220
9. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О графике заседаний Правления Национального банка Кыргызской Республики на 2026 год по вопросу о размере учетной ставки Национального банка Кыргызской Республики» от 24 ноября 2025 года № 2025-П-07/62-3-(ДКП) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 25 ноября 2025 года)....................................................................................221
10. Постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «О временном ограничении взимания комиссионного вознаграждения по денежным переводам» от 3 декабря 2025 года № 2025-П-12/64-5-(ПС) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 3 декабря 2025 года)..................224
11. О внесении изменений в постановление Правления Национального банка Кыргызской Республики «Об утверждении Положения «О специальном регулятивном режиме» от 12 августа 2020 года № 2020-П-12/45-3-(НПА)» от 17 декабря 2025 года №2025-П-14/67-5-(НПА) (опубликовано на официальном интернет-сайте Национального банка 23 декабря 2025 года)...226

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2025-жылдын 23-октябрындагы**
**№ 2025-П-12/55-4-(НПА) токтому**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) киргизилсин:

- 1998-жылдын 14-декабрындагы № 34/9 «Коммерциялык банктын операцияларын ишеним боюнча тескөө аркылуу жөнгө салуу эрежелери жөнүндө»;

- 2003-жылдын 19-февралындагы № 4/2 «Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык уюмдарынын ишин жөнгө салуунун эрежелери жөнүндө»;

- 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобону бекитүү жөнүндө»;

- 2009-жылдын 23-сентябрындагы № 38/8 «Банк ишинин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган

операциялар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

- 2009-жылдын 30-сентябрындагы № 39/4 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлүүчү типтүү келишимдерге талаптар жөнүндө» жобо тууралуу»;

- 2009-жылдын 23-декабрындагы № 50/7 «Кредиттик союздардагы кредиттик тобокелдикти башкаруу боюнча минималдык талаптар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу»;

- 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/6 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө»;

- 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө»;

- 2011-жылдын 14-сентябрындагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө»;

- 2011-жылдын 26-октябрындагы № 60/8 «Микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

- 2012-жылдын 4-июлундагы № 28/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан көзөмөлдөнгөн коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын күрөөгө коюлган мүлк менен иштөө тартибин» бекитүү жөнүндө»;

- 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/13 «Операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырууда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

- 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/14 «Аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

- 2013-жылдын 23-октябрындагы № 39/9 «Микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

- 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/7 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар» жөнүндө жобону бекитүү тууралуу»;

- 2014-жылдын 30-майындагы № 24/11 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдардын ишин жөнгө салуу эрежелерин» бекитүү тууралуу»;

- 2016-жылдын 16-мартындагы № 12/4 «Адистештирилген финансы мекемелеринин ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жөнүндө»;

- 2022-жылдын 14-декабрындагы № 2022-П-12/78-7-(НПА) «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

- 2024-жылдын 20-мартындагы № 2024-П-12/12-2-(НФКУ) «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКтын ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКтын ишин жөнгө салуу маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө».

2. Юридика башкармалыгы:

- тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомдун Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтында жарыяланышын камсыз кылсын;

- расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 7 (жети) жумуш күнү өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгы ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде аны менен

«Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин, коммерциялык банктарды, «Микрофинансы уюмдарынын ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Кредиттик союздардын жана кооперативдердин улуттук ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ачык акционердик коомун, микрофинансылык уюмдарды жана кредиттик союздарды тааныштырсын.

5. Башкарманын катчылыгы бөлүмү тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтом менен Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Тургунбаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2025-жылдын 23-октябрындагы**
**№ 2025-П-12/55-4-(НПА)**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 1998-жылдын 14-декабрындагы № 34/9 «Коммерциялык банктын операцияларын ишеним боюнча тескөө аркылуу жөнгө салуу эрежелери жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Коммерциялык банктын операцияларын ишеним боюнча тескөө аркылуу жөнгө салуу эрежелеринин:

1) 3.1-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«3.1. Ишеним боюнча тескөө объекттери катары ишканалар жана башка мүлктүк комплекстер, кыймылсыз мүлккө кирген өзүнчө объекттер, баалуу кагаздар, документсиз баалуу кагаздар менен тариздэлген укуктар, өзгөчө укуктар, ошондой эле транспорт каражаттары жана колдонуудагы камсыздандыруу полиси болсо гана турак жай кыймылсыз мүлкү болушу мүмкүн.»;

2) 4.5-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«4.5. Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарына же күрөө жөнүндө келишимге ылайык күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, тескөөчү тарабынан ишеним боюнча тескөөгө кабыл алынган кыймылсыз мүлк күрөө коюучу тарабынан камсыздандырылууга тийиш.»;

3) 5.12-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Ишеним боюнча тескөөчү, колдонуудагы мыйзамдарда жана/

же ишенимдүү башкаруу келишиминде каралган учурларда, ишеним боюнча тескөөгө өткөрүлүп берилген объекттерге карата камсыздандыруу полистеринин көчүрмөлөрүн алууну жана талапка ылайык сактоону камсыз кылууга милдеттүү.».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2003-жылдын 19-февралындагы № 4/2 «Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык уюмдарынын ишин жөнгө салуунун эрежелери жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын аймагында микрофинансылык уюмдарынын ишин жөнгө салуунун эрежелери:

1) төмөнкү мазмундагы 2.4.-5-пунктча менен толуктalсын:

«2.4.-5. МФК, эл аралык облигацияларды кошпогондо, Улуттук банк тарабынан белгиленген чекте жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акцияларды жана карыздык баалуу кагаздарды (облигацияларды жана векселдерди) чыгарууга укуктуу.

Кредиттерди жана зайымдарды төлөө үчүн, ошондой эле облигацияларды чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынганга чейинки акыркы жыл ичинде кредиттер жана зайымдар боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыз болгон учурда облигацияларды чыгарууга жол берилбейт.

МФКнын акциялары жана башка баалуу кагаздары үчүн векселдер, ошондой эле санкциялык тизмелерде турган жеке адам жана юридикалык жактарга, террористтик же экстремисттик иш-аракеттерге жана массалык кыргын салуучу куралдарды жайылтууга катышкандыгы жөнүндө маалыматтар бар жеке адам жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын акча каражаттары, баалуу кагаздары, башка буюмдары же мүлктүк укуктары же акчалай баасы бар башка укуктары менен төлөөгө тыюу салынат (Кыргыз Республикасынын Жыйынды санкциялык тизмеги жана Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин Жыйынды санкциялык тизмеги).»;

2) төмөнкү мазмундагы 5.13-пунктча менен толукталсын:

«5.13. МФК, эл аралык облигацияларды кошпогондо, Улуттук банк тарабынан белгиленген чекте жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акцияларды жана карыздык баалуу

кагаздарды (облигациялар жана векселдер) чыгарууга укуктуу.

Кредиттерди жана зайымдарды төлөө үчүн, ошондой эле облигацияларды чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынганга чейинки акыркы жыл ичинде кредиттер жана зайымдар боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карыз болгон учурда облигацияларды чыгарууга жол берилбейт.

МФКнын акциялары жана башка баалуу кагаздары үчүн векселдер, ошондой эле санкциялык тизмелерде турган жеке адам жана юридикалык жактарга, террористтик же экстремисттик иш-аракеттерге жана массалык кыргын салуучу куралдарды жайылтууга катышкандыгы жөнүндө маалыматтар бар жеке адам жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын акча каражаттары, баалуу кагаздары, башка буюмдары же мүлктүк укуктары же акчалай баасы бар башка укуктары менен төлөөгө тыюу салынат (Кыргыз Республикасынын Жыйынды санкциялык тизмеги жана Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин Жыйынды санкциялык тизмеги).».

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобону бекитүү жөнүндө токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобонун:

1) 4.1-пунктунун 4.1.1-пунктчасынын:

- экинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик баалуу кагаздары (мындан ары – МБК) жана Улуттук банктын ноталары (мындан ары - ноталар) (эгерде МБКлардын жана ноталардын ордун жабуу мөөнөтү активдин ордун жабуу мөөнөтүнө чейин келип жетсе, банк күрөөлүк камсыздоо катары МБКлардын жана ноталардын ордун жабуудан алынган акча каражаттарды же болбосо ушул сыяктуу МБКларды жана ноталарды кошумча камсыздоо катары кабыл алууга тийиш);»;

- сегизинчи абзацындагы «мамлекеттик баалуу кагаздар» деген сөздөрү «МБКлар, ноталар» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- онунчу абзацындагы «мамлекеттик баалуу кагаздарды» деген сөздөрү «МБКларды, ноталарды» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- он биринчи абзацындагы «МБКлар» деген сөздөрдөн кийин «, ноталардын» деген сөз менен толукталсын.

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 23-сентябрындагы № 38/8 «Банк ишинин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Банк ишинин жана каржылоонун ислам принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө» жобо:

- төмөнкү мазмундагы 1.9. жана 1.10-пункттар менен толукталсын:

«1.9. Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча келишимдин предмети болуп саналган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында каралган учурларда камсыздандырылууга тийиш.

1.10. Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарына же күрөө жөнүндө келишимге ылайык, күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, күрөө коюучу ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча күрөө келишиминин предмети болуп саналган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлктү камсыздандырууга тийиш.».

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 30-сентябрындагы № 39/4 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлүүчү типтүү келишимдерге талаптар жөнүндө» жобо тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлүүчү типтүү келишимдерге талаптар жөнүндө» жобонун:

1) 1.7-пунктунун биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«1.7. Кардар Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык, кредиттик тобокелдикти камтыган активди каалаган убакта комиссиялык төлөмдөрдү, айыптык төлөмдөрдү жана башка төлөмдөрдү төлөөсүз мөөнөтүнөн мурда толугу менен же бөлүп төлөөгө укуктуу.»;

2) 2.1-пунктунун:

- 2.1.2-пунктчасы төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында каралган учурларда, мурабаха келишиминин предмети камсыздандырылууга тийиш.»;

- 2.1.11- пунктчасы төмөнкүдөй мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарына же күрөө жөнүндө келишимге ылайык күрөө коюучуга күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети жүктөлсө, күрөөлүк мүлк камсыздандырылууга тийиш.»;

3) 2.2-пунктунун 2.2.2-пунктчасындагы «20» деген сан «10» деген санга алмаштырылсын;

4) 2.3-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

« 2.3. Келишимди камсыздоо.

2.3.1. Кардар мурабаха келишими боюнча милдеттенмелерди талапка ылайык аткаруусун камсыз кылуу максатында банк кардар менен акча каражаттарын же камсыздоонун башка түрлөрүн күрөөгө коюу жөнүндө келишим түзүүгө тийиш. Эгерде келишимде башкасы каралбаса, банк күрөө катары сунушталган акча каражаттарын инвестициялай албайт.

2.3.2. Күрөө катары берилген акчалай сумма кардардын билдирмеси боюнча мурабаха келишимине ылайык товар үчүн төлөө катары чегерилиши мүмкүн.

2.3.3. Кардар мурабаха келишими боюнча өз милдеттенмелерин аткаргандан кийин банк күрөөнү кайтарып берүүгө милдеттүү.

2.3.4. Банк товарларды ташууда же сактоодо алардын бузулушуна, жок кылынышына жана жоголушуна байланыштуу бардык тобокелдиктер үчүн өзү жоопкерчилик тартат жана алардын ордун

күрөөнүн эсебинен жабууга жол берилбейт.

2.3.5. Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарына же күрөө жөнүндө келишимге ылайык, күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, күрөөлүк мүлк камсыздандырылууга тийиш.

Мурабаха келишиминин типтүү үлгүсү ушул жобого карата 2-тиркемеде келтирилген.»;

5) 3.2-пунктунун 3.2.4-пунктчасы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«3.2.4. Иджара мунтахийя биттамлик келишиминин предмети Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында каралган учурларда камсыздандырылууга тийиш.»;

6) Жобого карата 1-тиркеменин:

- 6.1-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарына же күрөө жөнүндө келишимге ылайык, күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, күрөөлүк мүлк камсыздандырылууга тийиш.»;

- 7.2-пунктундагы «20» деген сан «10» деген санга алмаштырылсын;

- 9.3-пунктундагы «20» деген сан «10» деген санга алмаштырылсын;

7) Жобого карата 2-тиркеменин:

- 8-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарына же күрөө жөнүндө келишимге ылайык, күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, күрөөлүк мүлк камсыздандырылууга тийиш.»;

- 11-пунктундагы «20» деген сан «10» деген санга алмаштырылсын;

8) Жобого карата 3-тиркемедеги:

- «Иджара келишиминин предметин берүүчү/сатуучу жөнүндө маалымат» деген сап төмөнкү мазмундагы сап менен толукталсын:

«Жолдошунун/жубайынын макулдугу»;

- 1.5-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«1.5. Келишим предмети ушул келишимди колдонуу мөөнөтү аяктаганга чейин Ижарага берүүчүнүн жеке менчигинде турат, ал эми

Ижарачы мүлктү пайдалануучу болуп эсептелет. Ижара мунтахийя биттамлик келишиминин предмети Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында каралган учурларда камсыздандырылууга тийиш.»;

- 3.1., 3.2-пункттары төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«3.1. Кардардын ушул келишим боюнча милдеттенмелерин талапка ылайык аткаруу ушул келишимдин тараптары ортосунда _____-жылдын «___»_______ түзүлгөн № _____ күрөө жөнүндө келишим менен камсыз кылынат. Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө жөнүндө келишимде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, күрөөлүк мүлк камсыздандырылууга тийиш.

3.2. Карызды, башка жыйымдарды толугу менен жана өз убагында төлөө, ошондой эле Ижарачынын ушул келишим боюнча башка милдеттенмелеринин талаптагыдай аткарылышы күрөө менен камсыздалат. Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө жөнүндө келишимде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, күрөөлүк мүлк камсыздандырылууга тийиш.».

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 23-декабрындагы № 50/7 «Кредиттик союздардагы кредиттик тобокелдикти башкаруу боюнча минималдык талаптар жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кредиттик союздардагы кредиттик тобокелдикти башкаруу боюнча минималдык талаптар жөнүндө» жобонун:

- Жобого карата 1-тиркеменин II главасы төмөнкү мазмундагы 8-пункт менен толуктaлсын:

«8. Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө жөнүндө келишимде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, камсыздандыруу полиси.».

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 28-декабрындагы № 51/6 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө»

токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга камдарга тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун:

1) 21-пунктунун:

- экинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин мамлекеттик баалуу кагаздары (мындан ары – МБК) жана Улуттук банктын ноталары (мындан ары - ноталар) (эгерде МБКлардын жана ноталардын ордун жабуу мөөнөтү активдин ордун жабуу мөөнөтүнө чейин келип жетсе, банк күрөөлүк камсыздоо катары МБКлардын жана ноталардын ордун жабуудан алынган акча каражаттарын же болбосо ушул сыяктуу МБКларды жана ноталарды кошумча камсыздоо катары кабыл алууга тийиш);»;

- сегизинчи абзацындагы «мамлекеттик баалуу кагаздар» деген сөздөрү «МБКларды, ноталарды» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- тогузунчу абзацындагы «мамлекеттик баалуу кагаздарды» деген сөздөрү «МБКларын, ноталарын» деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- онунчу абзацындагы «МБКнын» деген сөздөрдөн кийин«, ноталардын» деген сөз менен толукталсын.

8. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

1) 25-пунктунун онунчу абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«- эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө келишимде күрөөлүк мүлктү

камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, күрөөгө коюлуучу мүлктүн тизмесинин, менчик укугун тастыктоочу документтердин (эгерде күрөө кыймылдуу/кыймылсыз мүлк болсо) жана пайдалануу укугун тастыктаган документтердин, ошондой эле банктын ички документтерине ылайык башка документтердин, камсыздандыруу полисинин болушу;»;

2) Жобого карата 1-тиркеменин:

- төмөнкү мазмундагы 24-1-пункт менен толукталсын:

«24-1. Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө келишимде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, камсыздандыруу полиси.»;

- мамлекеттик тилдеги текстте «25(1).» деген пунктунун номери «25-1.» дегенге алмаштырылсын.

9. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 14-сентябрындагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Банктардын баалуу кагаздар менен иш алып баруусу жөнүндө» жобонун:

1) 2-пунктунун:

- экинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«- **мамлекеттик баалуу кагаздар** – бул, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин атынан Кыргыз Республикасынын Финансы министрлиги тарабынан чыгарылуучу карыздык милдеттенмелер;»;

- төмөнкү мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

«- **Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ноталары** – бул, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы (мындан ары - Улуттук банк) тарабынан чыгарылуучу баалуу кагаздар (мындан ары – ноталар);»;

2) 15-пункттун үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Мамлекеттик баалуу кагаздарды жана ноталарды сатып алуу-сатуу учурунда, банктар ушул Жобонун, Улуттук банктын жана баалуу кагаздар рыногун жөнгө салуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын тиешелүү ченемдик укуктук актыларына каршы келбеген

бөлүгүн так сактоого тийиш.»;

3) 30-1-пунктунун 1-пунктчасы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«1) мамлекеттик баалуу кагаздарды жана ноталарды сатып алуу жана сатуу. Мында, мамлекеттик баалуу кагаздардын жана ноталардын чогуу алгандагы көлөмү банктын активдеринин 30% ашпоого тийиш, ислам терезесине ээ банкта ислам терезесинин мамлекеттик баалуу кагаздарынын жана ноталарынын чогуу алгандагы көлөмү ислам терезесинин активдеринин 30% ашпоого тийиш;»;

4) 30-2-пункттагы «мамлекеттик баалуу кагаздарды» деген сөздөрдөн кийин «жана ноталарды» деген сөздөр менен толуктамсын;

5) 35-пункттун «а» пунктчасындагы «мамлекеттик баалуу кагаздарды» деген сөздөрдөн кийин «жана ноталарды» деген сөздөр менен толуктамсын.

10. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2011-жылдын 26-октябрындагы № 60/8 «Микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Микрофинансылык уюмдар жана кредиттик союздар тарабынан ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырылган операциялар жөнүндө» жобонун:

- төмөнкү мазмундагы 10-1 жана 10-2-пункттар менен толуктамсын:

«10-1. Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча келишимдин предмети болуп саналган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында каралган учурларда камсыздандырылууга тийиш.

10-2. Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө келишиминде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча күрөө келишиминин предмети болуп саналган кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк камсыздандырылууга тийиш.».

11. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын

2012-жылдын 4-июлундагы № 28/7 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан көзөмөлдөнгөн коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын күрөөгө коюлган мүлк менен иштөө тартибин» бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан жана иши ал тарабынан көзөмөлдөнгөн коммерциялык банктардын жана башка финансы-кредит уюмдарынын күрөөгө коюлган мүлк менен иштөө тартибинин:

- 24-пункту төмөнкү редакцияда берилсин:

«24. Эгерде, күрөө предмети күрөө коюучунун ээлигинде калса, банк/ФКУ күрөөлүк мүлктү камсыздандырууну андан талап кылууга укуктуу. Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө жөнүндө келишимде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, анда күрөө предмети күрөө коюучу тарабынан талаптын өлчөмүнөн төмөн эмес суммага камсыздандырылууга тийиш. Күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу мөөнөтү, банк/ФКУ тарабынан күрөө предметинен өндүрүүнү жүргүзүү жана аны сатып өткөрүү үчүн талап кылынган мезгил аралыгын жана камсыздандыруу компанияларынын мүмкүнчүлүктөрүн эске алуу менен аныкталышы зарыл.».

12. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/13 «Операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырууда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Операцияларды ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык жүзөгө ашырууда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

1) 29-пунктунун тогузунчу абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

« - күрөөлүк мүлктүн тизмеси (эгерде бар болсо), мында рыноктук наркы, баалоо күнү, баалоо ким жүргүзгөндүгү, каттоодон өткөндүгүн тастыктаган далилдерди, күрөө жайгашкан жерди, менчик укугун

тастыктаган документтерди (эгерде күрөө катары кыймылдуу/кыймылсыз мүлк сунушталса, Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө келишиминде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, камсыздандыруу полиси милдеттүү түрдө болууга тийиш) жана пайдалануу укугун жана банктын ички документтерине ылайык башка документтерди көрсөтүү менен;»;

2) Жобого карата 1-тиркеме төмөнкү мазмундагы 27-1-пункту менен толукталсын:

«27-1. Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө келишиминде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, камсыздандыруу полиси.».

13. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 25-сентябрындагы № 35/14 «Аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Аманаттарды (депозиттерди) тартпаган микрофинансылык уюмдарда кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

1) 22-пунктунун экинчи пунктчасынын экинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«- кредит берүү шарттары жөнүндө, анын ичинде кредиттик продуктунун толук наркы тууралуу маалымат мамлекеттик тилде жана кардар менен макулдашуу боюнча расмий тилде берилет, ошондой эле зарыл болгон учурда маалымат башка тилге которулушу мүмкүн;»;

2) 27-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«- кардарлар (потенциалдуу карыз алуучулар) үчүн кызмат көрсөтүүнүн толук наркы жөнүндө маалыматты кошо алганда, кредиттерди берүү шарттары тууралуу кеңири маалымат мамлекеттик тилде жана кардар менен макулдашуу боюнча расмий тилде, ошондой эле зарыл болгон учурда маалымат башка тилге которуп берилишин камсыз кылсын;»;

3) 29-пунктунун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«МФУ менен кардар ортосунда, анын ичинде электрондук формада түзүлүүчү, келишим түзгөн тарапка таандык экендигин тастыктоого мүмкүндүк берген электрондук кол тамга коюу аркылуу кол коюлган кредиттик келишим, ага карата бардык тиркемелер жана башка келишимдер/макулдашуулар мамлекеттик тилде түзүлөт жана расмий тилге, зарыл болгон учурда башка тилге которулушу мүмкүн. Кредиттик келишимдин ар бир барагына, анын ичинде бардык тиркемелерине же болбосо бирдиктүү электрондук документ формасына кардар тарабынан кол коюлууга тийиш.»;

1) Жобого карата 1-тиркеменин:

- 6-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«6. Мамлекеттик тилде жана расмий/башка тилде (эгерде болсо) түзүлгөн кредиттик келишим, ага карата тиркемелер, ошондой эле реструктуризациялоодо же мөөнөтүн узартууда, талап кылуу укугун өткөрүп берүүдө кардар менен кошумча түзүлгөн макулдашуулар.»;

- 14-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«14. Күрөө жөнүндө келишим/Кепилдик берүү келишими мамлекеттик тилде жана расмий/башка тилде (эгерде болсо).»;

- төмөнкү мазмундагы 20-1-пункт менен толукталсын:

«20-1. Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө келишиминде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, камсыздандыруу полиси.».

14. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-октябрындагы № 39/9 «Микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Микрофинансылык уюмдардын жана кредиттик союздардын ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык түзүлгөн типтүү келишимдерине карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

1) 21-пункт төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен

толукталсын:

«Мурабаха келишиминин предмети Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында каралган учурларда камсыздандырылууга тийиш.»;

2) 31-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө жөнүндө келишимде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, күрөөлүк мүлк камсыздандырылууга тийиш.»;

3) 33-пунктундагы «20» деген сан «10» деген санга алмаштырылсын;

4) төмөнкү мазмундагы 45-1-пункт менен толукталсын:

«45-1. Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө жөнүндө келишимде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, күрөөлүк мүлк камсыздандырылууга тийиш.»;

5) Жобого карата 1-тиркеменин:

- 6.1-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө жөнүндө келишимде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, Мудариб күрөөгө коюлган мүлктү камсыздандырууга милдеттенет.»;

- 7.2-пунктундагы «20» деген сан «10» деген санга алмаштырылсын;

6) Жобого карата 2-тиркеменин:

- 8-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарына же күрөө жөнүндө келишимге ылайык, күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, күрөөлүк мүлк камсыздандырылууга тийиш.»;

- 11-пунктундагы «20» деген сан «10» деген санга алмаштырылсын;

7) Жобого карата 3-тиркеменин 1.6-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи сүйлөм менен толукталсын:

«Эгерде Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу

чөйрөсүндө мыйзамдарына же күрөө жөнүндө келишимге ылайык, күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө күрөөлүк мүлк камсыздандырылууга тийиш.».

15. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2013-жылдын 23-декабрындагы № 52/7 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар» жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Ислам банк иши жана каржылоо принциптерине ылайык операцияларды жүзөгө ашырган кредиттик союздарда кредиттик тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

- Жобого карата 1-тиркемеси төмөнкү мазмундагы 21-1-пункт менен толукталсын:

«21-1. Кыргыз Республикасынын милдеттүү камсыздандыруу чөйрөсүндө мыйзамдарында же күрөө келишиминде күрөөлүк мүлктү камсыздандыруу милдети күрөө коюучуга жүктөлсө, камсыздандыруу полиси.».

16. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2014-жылдын 30-майындагы № 24/11 «Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдардын ишин жөнгө салуу эрежелерин» бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ислам банк иши жана каржылоо принциптери боюнча операцияларды жүзөгө ашырган микрофинансылык уюмдардын ишин жөнгө салуу эрежелеринин:

1) төмөнкү мазмундагы 14-1-пункт менен толукталсын:

«14-1. МФК, эл аралык облигацияларды кошпогондо, Улуттук банк тарабынан белгиленген чекте жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акцияларды жана карыздык баалуу кагаздарды (облигациялар жана векселдер) чыгарууга укуктуу.

Каржылоо жана зайымдарды төлөө, ошондой эле облигацияларды чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынганга чейинки акыркы бир жыл ичинде каржылоо жана зайымдар боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карызы болгон учурда, облигацияларды чыгарууга жол берилбейт.

МФКнын акциялары жана башка баалуу кагаздары үчүн векселдер, ошондой эле санкциялык тизмелерде турган жеке адам жана юридикалык жактарга, террористтик же экстремисттик иш-аракеттерге жана массалык кыргын салуучу куралдарды жайылтууга катышкандыгы жөнүндө маалыматтар бар жеке адам жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын акча каражаттары, баалуу кагаздары, башка буюмдары же мүлктүк укуктары же акчалай баасы бар башка укуктары менен төлөөгө тыюу салынат (Кыргыз Республикасынын Жыйынды санкциялык тизмеги жана Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин Жыйынды санкциялык тизмеги).»;

2) төмөнкү мазмундагы 23-1-пункт менен толукталсын:

«23-1. МФК, эл аралык облигацияларды кошпогондо, Улуттук банк тарабынан белгиленген чекте жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык акцияларды жана карыздык баалуу кагаздарды (облигациялар жана векселдер) чыгарууга укуктуу.

Каржылоо жана зайымдарды төлөө, ошондой эле облигацияларды чыгаруу жөнүндө чечим кабыл алынганга чейинки акыркы бир жыл ичинде каржылоо жана зайымдар боюнча мөөнөтү өтүп кеткен карызы болгон учурда, облигацияларды чыгарууга жол берилбейт.

МФКнын акциялары жана башка баалуу кагаздары үчүн векселдер, ошондой эле санкциялык тизмелерде турган жеке адам жана юридикалык жактарга, террористтик же экстремисттик иш-аракеттерге жана массалык кыргын салуучу куралдарды жайылтууга катышкандыгы жөнүндө маалыматтар бар жеке адам жана юридикалык жактардын, топтордун жана уюмдардын акча каражаттары, баалуу кагаздары, башка буюмдары же мүлктүк укуктары же акчалай баасы бар башка укуктары менен төлөөгө тыюу салынат (Кыргыз Республикасынын Жыйынды санкциялык тизмеги жана Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук Кеңешинин Жыйынды санкциялык тизмеги).».

17. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2016-жылдын 16-мартындагы № 12/4 «Адистештирилген финансы мекемелеринин ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Адистештирилген

финансы-кредит мекемелеринин ишин жөнгө салуу эрежелеринин:

- Эрежелердин 2-тиркемесинин «Кол тамга жана күбөлөндүрүү» бөлүмүнүн Эскертүүлөрдүн 1-пунктунун «а» пунктчасындагы «же ревизорлор» деген сөздөр алынып салынсын.

18. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 14-декабрындагы № 2022-П-12/78-7-(НПА) «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобонун:

1) Жобого карата 1-тиркеменин биринчи таблицасындагы «Бир карыз алуучуга же байланыштуу карыз алуучулар тобуна тобокелдиктин максималдуу өлчөмү» деген сап төмөнкү редакцияда баяндалсын:

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Бир карыз алуучуга же байланыштуу карыз алуучулар тобуна тобокелдиктин максималдуу өлчөмү | К1.1 | СЗ ЧСК | | 20% жогору эмес | |
| | К1.2 | СЗ СК | | 20% жогору эмес | |
| | К1.3 | СЗ ЧСК | | 30% жогору эмес | |
| | К1.4 | СЗ СК | | 20% жогору эмес | |

2) Жобого карата 2-тиркеменин:

- «Банк менен байланыштуу болгон бир карыз алуучуга же байланыштуу карыз алуучулар тобуна тобокелдиктин максималдуу өлчөмү (К1.2)» саптагы «15% жогору эмес» деген сөздөр жана сан «20% жогору эмес» деген сөздөргө жана санга алмаштырылсын;

- «Банк менен байланыштуу болгон банкка банктар аралык жайгаштыруулар боюнча тобокелдиктин максималдуу өлчөмү (К1.4)» саптагы « 15% жогору эмес» деген сөздөр жана сан «20% жогору эмес» деген сөздөргө жана санга алмаштырылсын.

19. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2024-жылдын 20-мартындагы № 2024-П-12/12-2-(НФКУ) «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКтын ишин жөнгө салуу эрежелерин бекитүү жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКтын ишин жөнгө салуу маселелери боюнча өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кредиттик союздардын финансылык компаниясы» ААКтын ишин жөнгө салуу эрежелеринин:

- 17-пунктунун жетинчи абзацынын биринчи сүйлөмү төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан чыгарылган мамлекеттик баалуу кагаздар жана Улуттук банктын ноталары кирет.».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2025-жылдын 27-октябрындагы
№ 2025-П-07/56-1-(ДКП) токтому**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 13, 63 жана 64-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени жылдык 10,00 пайыз өлчөмүндө белгиленсин.

2. Токтом 2025-жылдын 28-октябрынан тартып күчүнө кирет.

3. Акча-кредит саясаты башкармалыгы эсептик чен өлчөмү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына токтом кабыл алынган күндөн тартып 1 (бир) жумуш күнү ичинде жайгаштырсын.

4. Токтомдун аткарылышын контролдоо Акча-кредит саясаты башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Тургунбаев**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2025-жылдын 29-октябрындагы
№ 2025-П-14/57-2-(ПС) токтому**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Соода-тейлөө ишканаларында, мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде QR-код аркылуу төлөөнү өнүктүрүү жана масштабын кеңейтүү максатында Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 11-декабрындагы № 2019-П-14/62-5-(ПС) «Эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет).

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 24-майындагы № 2023-П-14/34-3-(ПС) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 11-декабрындагы № 2019-П-14/62-5-(ПС) «Эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» токтомунун 3-пунктунун 2-пунктчасы күчүн жоготкон катары таанылсын3. Токтом расмий жарыяланган күндөн

тартып 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Юридика башкармалыгы:

- тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

- расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

5. Башкарманын катчылыгы бөлүмү 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Санариптик финансылык технологиялар башкармалыгын, Төлөм системаларына көзөмөл башкармалыгын, Юридика башкармалыгын, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Санариптик финансылык технологиялар башкармалыгы токтом расмий жарыялангандан кийин 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактардын бирикмесин, Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын, «KG төлөм системаларынын операторлорунун ассоциациясы» юридикалык жактардын бирикмесин, төлөм уюмдарын жана төлөм системаларынын операторлорун тааныштырсын.

7. Токтомдун аткарылышын контролдоо Санариптик финансылык технологиялар башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Тургунбаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2025-жылдын 29-октябрындагы**
**№ 2025-П-14/57-2-(ПС)**
**токтомуна карата тиркеме**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 11-декабрындагы № 2019-П-14/62-5-(ПС) «Эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр**

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 11-декабрындагы № 2019-П-14/62-5-(ПС) «Эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Эки өлчөмдүү штрихкод белгилерин (QR-код) колдонуу менен төлөмдөрдү жана которууларды өткөрүү эрежелери:

- төмөнкү мазмундагы 39-2-пункт менен толукталсын:

«39-2. Төлөм системаларынын катышуучулары ай сайын, отчеттук айдан кийинки айдын 5инен (бешинен) кечиктирбестен, Улуттук банкка товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдү QR-кодду колдонуу менен кабыл алган субъекттер боюнча, жана региондор боюнча орнотулган QR-коддордун саны жөнүндө отчетторду ушул Эрежелердин 5 жана 6-тиркемелерине ылайык электрондук түрдө берүүгө тийиш.»;

- Эрежелер төмөнкү мазмундагы 5 жана 6-тиркемелер менен толукталсын:

«Эки өлчөмдүү штрих-код
белгилерин
(QR-код) колдонуу менен
төлөмдөрдү
жана которууларды өткөрүү
эрежелерине карата 5-тиркеме

Товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү QR-кодду колдонуу менен кабыл алган субъекттер жөнүндө

**ОТЧЁТ**

| № | QR-код аркылуу төлөм жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ субъекттин фирмалык аталышы (соода-тейлөө ишканалары, уюмдар ж.б.). | Соода түйүнүнүн/ тейлөө объектисинин аталышы (фирмалык аталышынан айырмаланса) | Субъекттин жайгашкан жери | | | | | | QR-коддун түрү | QR-коддун орнотулган күнү |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | Субъек ттин түрү | Областы | Району | Айыл аймагы | Шаар, шаар тибиндеги кыштак, айыл | Көчөсү | | |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| | QR код орнотулган субъекттин фирмалык аталышы көрсөтүлөт | Фирмалык аталышынан айырмаланса, соода түйүнүнүн/ тейлөө объектисинин аталышы көрсөтүлөт. | Субъекттин уюштуруу-укуктук формасы көрсөтүлөт | Кыргыз Республикасынын областынын аталышы көрсөтүлөт | Кыргыз Республикасынын районунун аталышы көрсөтүлөт | Кыргыз Республикасынын областынын районунун айылдык аймагынын аталышы көрсөтүлөт | Шаардын, райондук борборлордун, шаар тибиндеги кыштактардын, айылдардын аталышы көрсөтүлөт | Көчөнүн аталышы көрсөтүлөт | QR- коддун түрү (статикалык, динамикалык) жана ар бир түрү боюнча саны көрсөтүлөт | Соода-тейлөө ишканаларында товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөмдөрдү кабыл алуу үчүн QR-код орнотулган иш жүзүндөгү датасы көрсөтүлөт |
| 1 | | | | | | | | | | |
| 2 | | | | | | | | | | |
| ЖЫЙЫНТЫГЫНДА: | | | | | | | | | | |

Аткаруучу___________________________________

Маалыматтарды даярдоого жооптуу кызматкердин аты-жөнүн, кызмат ордун, бөлүмүн/башкармалыгын, кол тамгасын көрсөтүү

Башкармалыктын начальниги ________________________________ ______ Маалыматтарды даярдоого жооптуу башкармалыктын начальнигинин аты-жөнүн, кол тамгасын көрсөтүү

Эки өлчөмдүү штрих-код
белгилерин
(QR-код) колдонуу менен
төлөмдөрдү
жана которууларды өткөрүү
эрежелерине карата 6-тиркеме

Төлөм системаларынын катышуучусунун аталышы________________

_______ айы үчүн 20__ жыл.

Региондор боюнча орнотулган QR-коддордун саны жөнүндө

**ОТЧЕТ**

| **Областтын аталышы** | **Орнотулган QR-коддордун саны** | **Алардын ичинен мамлекеттик жана муниципалдык мекемелерде** | **Алардын ичинен соода-тейлөө ишканаларында** |
|---|---|---|---|
| Бишкек | | | |
| Чүй областы | | | |
| Ысык-Көл областы | | | |
| Талас областы | | | |
| Нарын областы | | | |
| Жалал-Абад областы | | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| Ош областы | | | |
| Баткен областы | | | |

Аткаруу
чу_______________________________________________________
Маалыматтарды даярдоого жооптуу кызматкердин аты жөнүн, кызмат ордун, бөлүмүн/башкармалыгын, кол тамгасын көрсөтүү
Башкармалыктын начальниги ________________________________
_____
Маалыматтарды даярдоого жооптуу башкармалыктын начальнигинин аты-жөнүн, кол тамгасын көрсөтүү

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 31-октябрындагы № 2025-П-14/59-1-(ПС) токтому**

## «Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдарында/төлөм системаларынын операторлорунда ички жана тышкы алдамчылыкка (антифрод) каршы аракеттенүү системасына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине жана «Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 26-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. «Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдарында/төлөм системаларынын операторлорунда ички жана тышкы алдамчылыкка (антифрод) каршы аракеттенүү системасына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо бекитилсин (кошо тиркелет).

2. Юридика башкармалыгы:

- тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде бул токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

- расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик

реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом, «Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдарында/төлөм системаларынын операторлорунда ички жана тышкы алдамчылыкка (антифрод) каршы аракеттенүү системасына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун (ушул токтомго карата тиркеме) 2026-жылдын 1-мартынан тартып күчүнө кире турган 6-9 жана 23-24-пункттарын кошпогондо, расмий жарыяланган күндөн тартып 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгы тиешелүү документтерди алгандан кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде бул токтом менен Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдарын жана төлөм системаларынын операторлорун, «KG (КЕЙ-ЖИ) төлөм тутумдарынын операторлор ассоциациясы» юридикалык жактардын бирикмесин тааныштырсын.

5. Башкарманын катчылыгы бөлүмү 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Тургунбаев**

**Кыргыз Республикасынын
Улуттук банк Башкармасынын
2025-жылдын 31-октябрындагы
№ 2025-П-14/59-1-(ПС)
токтомуна карата тиркеме**

# «Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдарында/төлөм системаларынын операторлорунда ички жана тышкы алдамчылыкка (антифрод) каршы аракеттенүү системасына карата минималдуу талаптар жөнүндө» ЖОБО

## 1-глава. Жалпы жоболор

1. «Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдарында/төлөм системаларынын операторлорунда ички жана тышкы алдамчылыкка (антифрод) каршы аракеттенүү системасына карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобо (мындан ары – Жобо) төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун маалымат системаларында ички жана тышкы алдамчылыкка каршы аракеттенүүнүн негизги механизми катары, анын ичинде төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун маалыматтык системаларында болгон ички жана тышкы алдамчылыкка каршы аракеттерди көрүү алгоритмдери аталган жобонун ушул главасынын талаптарына шайкеш келбеген учурда колдонулат.

2. Жобонун талаптары Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын лицензиясынын негизинде ишин жүзөгө ашырган төлөм уюмдарына жана төлөм системаларынын операторлоруна жайылтылат.

3. Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору ушул Жобонун ушул главасынын талаптарына ылайык алардын ишинин масштабына, мүнөзүнө жана түрүнө туура келген ички жана тышкы алдамчылыкка (антифрод системасы) каршы аракеттенүү системасынын болушун жана натыйжалуу иштешин камсыз кылууга милдеттүү.

4. Ички жана тышкы алдамчылыкка каршы аракеттенүү (антифрод) системасы төлөм уюмдарынын жана төлөм системасынын операторунун кызматтарын колдонуучулардын кызыкчылыктарын коргоого багытталууга тийиш.

## 2-глава. Саясат жана уюштуруу чаралары

5. Төлөм уюму жана төлөм системасынын оператору Алдамчылыкка каршы аракеттенүү саясатын (мындан ары - Саясат) иштеп чыгууга, ал башкаруунун аткаруу органынын мүчөлөрү жана/же Директорлор кеңеши (эгерде бар болсо) тарабынан бекитилгенден кийин аны аралыктан/обочо туруп тейлөө системаларында колдонууга киргизүүгө милдеттүү. Саясат өзүнчө документ түрүндө таризделиши же төлөм уюмунун/төлөм системанын операторунун тобокелдиктерди тескөө саясатынын курамдык бөлүгү болушу мүмкүн.

Саясаттын негизги талаптарында кеминде төмөнкүлөр камтылышы зарыл:

- кардарларды/колдонуучуларды аралыктан/обочо туруп тейлөө системаларында ички жана тышкы алдамчылыктан коргоого артыкчылык берүүсүн тастыктаган жетекчиликтин аракети;

- обочо туруп/аралыктан тейлөө системаларында алдамчылыкты эрте аныктоо, алдын алуу жана жол бербөө принциптери;

- тобокелдик деңгээлине шайкеш бааланган, алдамчылыктын аныкталган учурларына же аракеттерине шайкеш жана өз убагында автоматташтырылган же жарым автоматташтырылган чараларды көрүү тартиби;

- алдамчылыкка каршы аракеттенүү чөйрөсүндө аракеттенбей коюулары же талапка ылайык аракеттерди көрбөгөндүгү үчүн төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун кызматкерлерине карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык колдонулуучу жоопкерчилик чаралары, анын ичинде коркунучтарга мониторинг жүргүзүү, каршы аракеттенүү чараларын иштеп чыгуу жана колдонууга киргизүү, ошондой эле инциденттерге карата чара көрүү.

Саясат жыл ичинде кеминде бир жолу кайра каралууга жана актуалдаштырылууга тийиш.

Төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун аралыктан/обочо туруп тейлөө системаларында алдамчылыкка каршы аракеттенүүнү жөнгө салган төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун ички жол-жоболору жана документтери зарылчылыгына жараша, бирок колдонулуп жаткан чаралардын натыйжалуулугун, алдыңкы эл аралык тажрыйбаны жана актуалдуу коркунучтарды эске алуу менен кеминде эки жылда бир жолу кайра каралууга тийиш.

Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору жогоруда көрсөтүлгөн жол-жоболорду жана документтерди тобокелдиктерди тескөө системасына интеграциялоого жана төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун бардык тиешелүү кызматкерлерин алар менен таанышуусун камсыз кылууга милдеттүү.

## 3-глава. Антифрод-контролдоону техникалык ишке ашыруу

6. Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору ички сыяктуу эле, тышкы алдамчылыкты дагы алдын алуу үчүн аралыктан/обочо туруп тейлөөнүн маалымат системаларында алдамчылыкка каршы аракеттенүү системаларын колдонууга киргизүүгө милдеттүү. Бул системалар аралыктан/обочо туруп тейлөө системалары аркылуу жүргүзүлгөн ар бир операция үчүн алдамчылык тобокелдигине мониторинг жүргүзүүгө жана баа берүүгө тийиш. Бул системаларды эки ыкмада ишке ашырууга жол берилет:

- аралыктан/обочо туруп тейлөөнүн колдонулган автоматташтырылган системалары менен өз ара иш алып барган өзүнчө, көз карандысыз программалык жана/же программалык-аппараттык комплекс түрүндө;

- алдамчылыкка каршы аракеттенүүнүн адистештирилген модулун түздөн-түз ар бир автоматташтырылган аралыктан/обочо туруп тейлөө системаларына интеграциялоо аркылуу.

7. Аралыктан/обочо туруп тейлөө маалымат системаларындагы ички жана тышкы алдамчылыкка каршы аракеттенүү системасы эрежелердин, шаблондордун жана талдоонун жыйынтыктарынын негизинде ар бир жасалган операцияга карата алдамчылык тобокелдигин баалоону жүргүзүүгө тийиш.

Ички жана тышкы алдамчылыкка каршы аракеттенүү системасы кеминде төмөнкүлөрдү камсыз кылышы зарыл:

- операцияларды базалык текшерүү;

- кардардын типтүү жүрүм-турум шаблондору менен салыштыруу (тиешелүү маалыматтар болгондо);

- алдын ала аныкталган критерийлер боюнча шектүү операцияларды бөгөттөө же токтотуу.

8. Маалымат системаларында ички жана тышкы алдамчылыкка каршы аракеттенүү үчүн программалык камсыздоону колдонууда,

төлөм уюму/төлөм системасынын оператору Улуттук банктын дарегине ишке ашырылган архитектуранын, иштөө принциптеринин, Жобонун талаптарына ылайык колдонулган тобокелдикти баалоо ыкмаларынын толук сүрөттөлүшүн камтыган тиешелүү билдирүүнү жөнөтүүгө тийиш.

9. Толук автоматташтырууну ишке ашыруу мүмкүн болбогон учурда, жооптуу кызматкерлер тарабынан кол менен талдоого жол берилет.

## 4-глава. Тобокелдиктерди категорияга бөлүү жана инциденттер боюнча көрүлгөн аракеттер

10. Аралыктан/обочо туруп тейлөө маалымат системаларындагы алдамчылыкка каршы аракеттенүү системасы эрежелердин, иштөө моделдеринин, үлгүлөрдүн жана анализдин жыйынтыктарынын негизинде ишке ашырылган ар бир чыгаша транзакцияга карата алдамчылык тобокелдигине баа берүүгө тийиш. Алдамчылык тобокелдигине баа берүүнүн жыйынтыгы боюнча система төмөнкү үч деңгээлинин кеминде бирин ыйгарууга тийиш:

- төмөн тобокелдик: операция коопсуз;
- орточо тобокелдик: операция шектүү жана алдамчылыкка жол берилиши мүмкүн;
- жогорку тобокелдик: операция алдамчылык болуп саналат.

11. Төмөн тобокелдик деңгээли, колдонуучунун адаттагы иш-аракетине туура келген, андан бир аз гана четтеген же болбосо алгач ыйгарылган орточо тобокелдик деңгээлинен кийин текшерүүдөн ийгиликтүү өткөн операцияларга ыйгарылууга тийиш.

12. Кардардын стандарттуу иш-аракетинен олуттуу четтөөнүн же факторлордун жыйындысы болушунун негизинде операцияга тобокелдиктин орточо деңгээлин ыйгарууда төлөм уюму/төлөм системасынын оператору аны милдеттүү түрдө текшерүүгө тийиш. Текшерүү төлөм уюму/төлөм системасынын операторунун ыйгарым укуктуу кызматкери тарабынан автоматтык түрдө же кол менен жүргүзүлүшү мүмкүн. Текшерүүнүн жыйынтыгы боюнча төлөм уюму/төлөм системасынын оператору төмөнкү иш-аракеттердин бирин же бир нечесин аткарууга милдеттүү:

- тобокелдик деңгээлин кайра баалоо жана операцияга жаңы деңгээл ыйгаруу: төмөн же жогорку;

- жогору тобокелдик деңгээлине ээ операцияларды талдоодо аныкталган алдамчылык операция белгилери менен толуктоо аркылуу аралыктан/обочо туруп тейлөөдө алдамчылыкка каршы аракеттенүү системасынын эрежелерине жана шаблондоруна зарыл өзгөртүүлөрдү киргизүү;

- жүргүзүлгөн текшерүү жөнүндө толук маалыматтын, анын ичинде жыйынтыктардын, алынган маалыматтардын, чечим кабыл алган кызматкерлер жөнүндө маалыматтардын жана аралыктан тейлөөдө алдамчылыкка каршы аракеттенүү системасында кардарга жөнөтүлгөн билдирмелердин сакталышын камсыз кылууга. Мындай маалымат операция жүргүзүлгөн күндөн тартып кеминде 5 (беш) жыл сакталат.

13. Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору аралыктан/обочо туруп тейлөөнүн маалымат системаларында ички жана тышкы алдамчылыкка каршы аракеттенүү алкагында операцияга алдамчылык тобокелдигинин жогорку деңгээли ыйгарылган учурда алдамчылык операцияларын жүргүзүүдө колдонулуучу тейлөөгө тыюу салынган идентификаторлордун жана атрибуттардын реестрин түзүүгө жана колдоп турууга милдеттүү.

Бул реестрде кеминде төлөм/банк системасынын алуучусунун же жөнөтүүчүсүнүн телефон номери, QR кодунун ID (идентификациялоо үчүн уникалдуу QR), төлөм/банк системасынын алуучусунун же жөнөтүүчүсүнүн сервистик аты (идентификатору), ошондой эле алдамчылык иш менен байланышкан башка идентификаторлор жана атрибуттар камтылууга тийиш.

Бул реестр бөгөт коюу же кошумча текшерүү мүмкүнчүлүгү менен кийинки тобокелдиктерди баалоодо колдонулушу зарыл.

14. Төмөнкүлөргө байланыштуу жана аралыктан/обочо туруп тейлөө системасы аркылуу бардык операциялар алдамчылык тобокелдигин баалоодон өтүүгө тийиш:

- банктык эсептер боюнча операциялар;

- мобилдик тиркемелер, анын ичинде агенттердин мобилдик тиркемелери боюнча операциялар (мындан ары – АМТ);

- электрондук капчык боюнча операциялар;

- QR-коддорун/карттарды колдонуу менен операциялар;

- өлкөнүн ичинде акча каражаттарын которуу;

- акча каражаттарын эл аралык которуулар;

- акча каражаттарын виртуалдык актив капчыктарына жана

чет өлкөлүк виртуалдык активдердин тооругунун операторунун эсептерине которуу;

- накталай акча каражаттарын чыгарып алуу;

- аралыктан/обочо туруп тейлөө системалары аркылуу акча каражаттарды чегерүү;

- тобокелдиги жогору болгон башка операциялар, ошондой эле төлөм уюму/төлөм системасынын оператору тарабынан алдамчылыкты алдын алуу боюнча өзүнүн саясатынын алкагында аныкталган операциялар.

Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору айкын убакыт ыргагында операцияларга мониторинг жүргүзүүгө ыйгарым укуктуу адамдарды/адистештирилген бөлүмдөрдү аныктоого, ошондой эле алдамчылыктын жаңы схемаларын жана санариптик коопсуздуктагы өзгөрүүлөрдү эске алуу менен тобокелдикке баа берилүүчү операциялардын тизмегин үзгүлтүксүз карап чыгууга тийиш.

## 5-глава. Алдамчылык операциялардын негизги белгилери

15. Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору алдамчылыктын тобокелдигин баалоо максатында, операцияны шектүү же алдамчылык катары таануу үчүн негиз болуп саналган алдамчылыктын критерийлерин колдонууга милдеттүү.

Алдамчылык критерийлери бул кардардын стандарттык активдүүлүгүнөн четтөө жана алдамчылык операцияларды ишке ашыруу аракетин көрсөткөн бир же бир нече белгилердин жана иш-аракеттер моделинин жыйындысы.

Алдамчылыктын колдонулуучу критерийлеринде төмөнкүлөр менен гана чектелбестен төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- операциялардын өзгөчө тез-тез жүргүзүлүшү: кардар тарабынан демилгеленген, ошондой эле ал тарабынан алынган операциялардын санынын кескин көбөйүшү;

- топтун ашкере активдүүлүгү: суммасы, алуучусу же тиби боюнча окшош операцияларды жүргүзгөн кардарлардын тобунун активдүүлүгүнүн кескин өсүшү;

- операциялардын ашкере өлчөмү (суммасы): кардардын иш-аракетине ылайык келбеген суммаларга операциялар, ошондой эле кардар үчүн адаттан тышкары товарлар/кызмат көрсөтүүлөр

категорияларында төлөмдөрдүн жүргүзүлүшү;

- географиялык абалы боюнча шектүү: географиялык өзгөчө жайгашуусу (IP-дарек), жаңы мобилдик түзүлүштөн катталуу, VPN же прокси серверлерди колдонуу;

- адатта жүргүзүлбөгөн убакытта операциялардын жүргүзүлүшү: кардардын операцияларды ишке ашыруусу үчүн сутканын же жуманын күнүнүн адаттан тышкары убактысы;

- бир нече жолу ишке ашпай калган кирүү аракеттери: системада кайталанган ийгиликсиз авторизациялоо аракеттери;

- байланыш маалыматын тез-тез өзгөртүү: байланыш маалыматтарын тез-тез өзгөртүү, айрыкча ири операциялар алдында;

- белгилүү алдамчылык схемаларына шайкеш келүү: операциянын белгилүү алдамчылык схемаларынын белгилерине дал келиши;

- операциялардын тез-тез кайтарылышы же жокко чыгарылышы: кайтарылган же жокко чыгарылган операциялардын адаттан тышкары ири саны;

- шектүү алуучуларды пайдалануу: шектүү катары идентификацияланган эсептерине/ мобилдик тиркемелери, анын ичинде АМТ/электрондук капчыктарына каражаттарды которуу;

- каражаттарды көптөгөн алуучуларга бөлүштүрүү: операцияларды бөлүштүрүү жана каражаттарды көп сандагы алуучуларга бөлүштүрүү;

- каражаттарды толуктоонун аномалдуу булактары: эсепти ошол кардарга мүнөздүү эмес булактардан толуктоо;

- жеткиликтүүлүк режиминдеги аномалдуу өзгөрүүлөр: жеткиликтүүлүк режиминдеги өзгөрүүлөр, авторизациялоонун жаңы ыкмаларын киргизүү же ошол кардар үчүн мүнөздүү болбогон кирүү ыкмасын өзгөртүү;

- мобилдик тиркемелердин, анын ичинде АМТ/кардардын электрондук капчыгынын акча каражаттарын бөлүүгө же ирилештирүүгө катышуусу жана башка банктагы/төлөм уюмундагы башка эсептерге/мобилдик тиркемелерге, АМТ/электрондук капчыктарга/кардардын карталарына тез которуу менен катышуусу;

- банктык эсептерди/мобилдик тиркемелерди, АМТ/электрондук капчыкты/карталарды ар кандай адамдар тарабынан ар кандай инструмент аркылуу толуктоо жана андан ары эсептен/мобилдик

тиркемелерден, АМТ/электрондук капчыктан чыгаруу;

- алдамчылыкты алдын алуу боюнча өз саясатынын алкагында төлөм уюму/төлөм системасынын оператору тарабынан аныкталган башка критерийлер.

## 6-глава. Операцияларды токтотуу жана кардарлар менен өз ара иш алып баруу милдеттери

16. Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору төмөнкү учурларда мобилдик тиркемелер, АМТ жана электрондук капчыктар боюнча операцияларды 30 күнгө чейин токтотууга укуктуу:

- ушул Жобонун 15-пунктунда белгиленген алдамчылык критерийлерине ылайык келген белгилер аныкталганда;

- кардардан операция өз алдынча ишке ашырылгандыгын тастыктаган маалымат берилбесе;

- кардардын анын мобилдик тиркемелери, АМТ, электрондук капчыгы боюнча алдамчылык иш-аракеттери жөнүндө билдирүүсү боюнча.

17. Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору аралыктан тейлөө системаларында жеке жактарга алдамчылык аракеттери жөнүндө билдирүү берүүгө жана укук коргоо органдарына кийин кайрылуу үчүн операция/операциялар боюнча көчүрмөнү түзүү мүмкүнчүлүгүн камсыз кылууга милдеттүү.

Мындай мүмкүнчүлүк төмөнкүлөрдү камсыз кылган өзүнчө функция түрүндө ишке ашырылууга тийиш:

- күнү-түнү жеткиликтүү болушу;

- алдамчылык операциялар жөнүндө билдирүүлөрдү берүү үчүн гана арналган обочолонгон байланыш каналынын болушу;

- операциянын негизги параметрлерин көрсөтүү мүмкүнчүлүгү менен билдирүүнү жөнөкөй жана түшүнүктүү берүү формасы (SMS-билдирүү, электрондук почта): датасы, суммасы, алуучунун реквизиттери, жагдайлардын сүрөттөлүшү жана далилдердин болушу;

- төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун маалымат системаларында билдирүү берилген фактынын убактысы көрсөтүлгөн белгиси жана кардардын идентификатору менен автоматтык түрдө

каттоо;

- операцияны токтотуу жана талдоо жол-жобосун демилгелөө.

Көрсөтүлгөн функция аркылуу берилген билдирүү операцияны баалоо боюнча тиешелүү чараларды көрүү менен, андан кийин кардарды көрүлгөн чаралар жөнүндө маалымдоо, анын ичинде укук коргоо органдарына кайрылуу боюнча сунуштар менен токтоосуз каралууга жана кабыл алынууга тийиш.

18. Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору кардарды/төлөм системасынын тартылган катышуучуну жеткиликтүү байланыш каналдары (мобилдик тиркеме, АМТ, телефон, SMS-билдирүү, электрондук почта жана башкалар) аркылуу операциянын токтотулушу жөнүндө токтоосуз кабарлоого милдеттүү.

## 7-глава. Идентификаторлордун тизмесин түзүү жана кайталоолорго мониторинг жүргүзүү

19. Тейлөөгө тыюу салынган идентификаторлорго байланыштуу бардык операциялар кардарга/төлөм системасынын ишине тартылган катышуучусуна тиешелүү эскертүү берүү менен четке кагылышы зарыл.

Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору тейлөөгө тыюу салынган идентификаторлордун реестрине киргизүү тартибин, ошондой эле каталар аныкталган же кардар тарабынан операциянын өз алдынча жүргүзүлгөндүгү тастыкталган учурда жазууларды чыгаруу тартибин жөнгө салган ички жол-жоболорду жана документтерди кабыл алууга тийиш.

Тейлөөгө тыюу салынган идентификаторлорго карата операцияларды жүргүзүү фактылары аныкталган учурда, ошондой эле Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык белгиленген талаптар бузулган фактылары аныкталган учурда, төлөм уюму/төлөм системасынын оператору кардардын мындай операциянын натыйжасында келтирилген зыяндын ордун толтурууга милдеттүү.

20. Кызмат көрсөтүүгө тыюу салынган идентификаторлордун реестри мамлекеттик органдардан жана Улуттук банктан алынган тигил же бул кардар идентификаторунун алдамчылык мүнөзү жөнүндө ишенимдүү маалыматтын негизинде төлөм уюмунун/төлөм

системасынын операторунун кызматкерлери тарабынан кол менен толукталышы мүмкүн.

21. Тейлөөгө тыюу салынган идентификаторлордун реестри төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун кызматкерлеринин жана үчүнчү жактардын санкцияланбаган кийлигишүүсүнө жол берилбей, жазуулардын бүтүндүгүн камсыз кылуу менен корголууга тийиш.

Реестрге кирүүгө төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун ыйгарым укуктуу кызматкерлерине гана көп факторлуу аутентификацияны колдонуу менен уруксат берилет.

22. Системадагы бардык өзгөртүүлөр жооптуу адамды, өзгөртүү киргизилген убакытты жана оңдоолордун негиздерин көрсөтүү менен окуяларды каттоо журналында катталууга тийиш. Окуяларды каттоо журналындагы маалыматтар кеминде 5 жыл сакталышы зарыл.

## 8-глава. Антифрод-системанын натыйжалуулугун баалоо

23. Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору алдамчылыкка каршы аракеттенүү чараларынын натыйжалуулугуна мониторинг системаларын иштеп чыгып, киргизүүгө тийиш, анын ичинде төмөнкү көрсөткүчтөр боюнча:

- кийин алдамчылык катары тастыкталган бөгөттөлгөн шектүү операциялардын үлүшү;

- жаңылыш аныктоолордун үлүшү (туура эмес бөгөттөлгөн операциялар) (False positive rate);

- бардык тастыкталган учурлардын ичинен өткөрүп жиберилген алдамчылык операциялардын үлүшү (Recall);

- инциденттти аныктоонун орточо убактысы (Mean time to detect);

- инцидентке жооп кайтаруунун орточо убактысы (Mean time to respond);

- аныкталган жана документтештирилген алдамчылык ыкмаларынын саны;

- кардарлардын тажрыйбасынын жана системанын иштөө тактыгынын көрсөткүчү (антифрод), анын ичинде кайтарым байланыштын ылдамдыгы жана жаңылыш бөгөттөө учурунда кардардын пайдасына конфликттик кырдаалдарды чечүү пайызы;

- тыюу салынган идентификаторлордун реестрин жүргүзүү

сапатынын көрсөткүчү (актуалдуулугу, толуктугу, жаңылоонун өз убагында жасалышы).

Натыйжалуулукту баалоонун жыйынтыктары документтештирилүүгө жана Улуттук банкка ушул Жобого карата 1-тиркемеде белгиленген формага ылайык чейрек ичинде кеминде 1 (бир) жолу отчёттук чейректен кийинки айдын 25ине чейин берилүүгө тийиш.

## 9-глава. Системаны тесттен өткөрүү жана актуалдаштыруу боюнча милдеттер

24. Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору ички жана тышкы алдамчылыкка каршы аракеттенүү системаларынын натыйжалуулугун, тактыгын жана жаңы коркунучтарга туруктуулугун баалоо үчүн үзгүлтүксүз түрдө стресс-тестирлөө жүргүзүп турушу зарыл.

Тестирлөө жылына кеминде бир жолу, ошондой эле системага олуттуу өзгөртүүлөр киргизилгенде жүргүзүлөт.

Төмөнкү тесттердин түрлөрү милдеттүү түрдө өткөрүлүүгө тийиш:

- системанын туруктуулугун текшерүү үчүн массалык алдамчылык чабуулдарынын моделин түзүү каралган стресс-тесттер;

- коопсуздугун тесттен өткөрүү;

- алдамчылыктын актуалдуу ыкмаларынын негизинде жаңы алгоритмдерди тесттен өткөрүү.

Тестирлөөнүн натыйжалары боюнча төлөм уюму/төлөм системасынын оператору 30 жумуш күнү ичинде аныкталган олуттуу кемчиликтерди четтетүү үчүн тийиштүү түзөтүүчү чараларды иштеп чыгууга жана ишке ашырууга, башка учурларда – 60 жумуш күн. Мөөнөттөр төлөм уюмунун/төлөм системасынын операторунун техникалык корутундусунун негизинде узартылышы мүмкүн.

Төлөм уюму/төлөм системасынын оператору стресс-тестирлөөнүн натыйжаларын документтештирүүгө жана тестирлөөнүн натыйжалары боюнча жыл сайын Улуттук банкка натыйжаларды берүүгө милдеттүү.

Тестирлөө боюнча документтер кеминде 5 жыл сакталууга тийиш.

«Кыргыз Республикасынын
төлөм уюмдарында/төлөм
системаларынын операторлорунда
ички жана тышкы алдамчылыкка
(антифрод) каршы аракеттенүү
системасына карата минималдуу
талаптар жөнүндө» жобого карата
1-тиркеме

**Алдамчылыкка каршы аракеттенүү чараларынын натыйжалуулугун баалоо боюнча**

**ОТЧЁТ**

Системанын аталышы: ________________________________________

Төлөм системасынын операторунун аталышы: ________________________

Отчёттук мезгил: ________________________________________________

| Метриканын аталышы | Көрсөткүчтөр (үлүш, орточо убакыт, сан ж.б.) | Натыйжалуулукту баалоонун жыйынтыктары | Алдамчылыкка каршы аракеттенүү жана тобокелдиктерди минималдаштыруу боюнча кабыл алынган чечимдер/ сунуштар | Кошумча комментарийлер/ сунуштар | Эскертүү |
|---|---|---|---|---|---|
| Кийин алдамчылык катары тастыкталган бөгөттөлгөн шектүү операциялардын үлүшү | | | | | |
| Жаңылыш аныктоолордун үлүшү (туура эмес бөгөттөлгөн транзакциялар) (False positive rate) | | | | | |
| Бардык тастыкталган учурлардын ичинен өткөрүп жиберилген алдамчылык операциялардын үлүшү (Recall) | | | | | |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Инциденттин аныктоонун орточо убактысы (Mean time to detect); | | | | | |
| Инцидентке жооп кайтаруунун орточо убактысы (Mean time to respond); | | | | | |
| Аныкталган жана документтештирилген алдамчылык ыкмаларынын саны | | | | | |
| Кардарлардын тажрыйбасынын жана системанын иштөө тактыгынын көрсөткүчү, анын ичинде чара көрүү ылдамдыгы жана жаңылыш бөгөттөө учурунда кардардын пайдасына конфликттик кырдаалдарды чечүү пайызы | | | | | |
| Тыюу салынган идентификаторлордун реестрин жүргүзүү сапатынын көрсөткүчү (актуалдуулугу, толуктугу, өз убагында жаңыланышы ) | | | | | |
| Башкалар | | | | | |

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 31-октябрындагы № 2025-П-14/59-2-(ПС) токтому**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр киргизилсин (тиркелет):

1) 2015-жылдын 15-июлундагы № 38/4 «Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүктү (оверсайт) жүргүзүү саясатын бекитүү тууралуу»;

2) 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу;

3) 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 2019-П-14/50-3-(ПС) «Төлөм системаларынын операторлоруна/төлөм уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

4) 2020-жылдын 19августундагы № 2020-П-14/46-4-(ПС) «Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында төлөм уюмдарында жана төлөм системасынын операторлорунда ички

контролдоону уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

5) 2021-жылдын 13-октябрындагы № 2021-П-14/56-1-(ПС) «Кыргыз Республикасынын төлөм системасын көзөмөлдөө (оверсайт) эрежелерин бекитүү тууралуу»;

6) 2022-жылдын 20-апрелиндеги № 2022-П-14/25-3-(ПС) «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

7) 2025-жылдын 30-апрелиндеги № 2025-П-14/20-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө».

2. Юридика башкармалыгы:

- тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

- расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыялангандан 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Санарип финансылык технологиялар башкармалыгы тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде бул токтом менен Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарын, Кыргыз Республикасынын төлөм уюмдарын жана төлөм системаларынын операторлорун, «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактардын бирикмесин, «KG (КЕЙ-ДЖИ) төлөм системаларынын операторлорунун ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин тааныштырсын.

5. Башкарманын катчылыгы бөлүмү тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Санарип финансылык

технологиялар башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн

**Төрага** **М. Тургунбаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2025-жылдын 31-октябрындагы**
**№ 2025-П-14/59-2-(ПС)**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2015-жылдын 15-июлундагы № 38/4 «Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүктү (оверсайт) жүргүзүү саясатын бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын төлөм системасына көзөмөлдүк (оверсайт) боюнча саясаттын:

1) 7-пунктунун:

үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«- төлөм системаларынын операторлорунан, төлөмдөрдү өткөрүү, эсептешүүлөрдү жүргүзүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштаган уюмдардан, электрондук акча эмитенттеринен, орчундуу кызмат көрсөтүүлөр провайдерлеринен жана төлөм системаларынын катышуучуларынан маалыматтарды алуу;»;

бешинчи абзацы төмөнкү редакцияда берилсин:

«б) төлөм системаларынын операторлоруна, төлөм системасынын катышуучуларына, электрондук акча эмитенттерине алардын төлөм системасын жакшыртуу боюнча ишин өркүндөтүү жана системалуу тобокелдиктин келип чыгышына же алгылыксыз ишке жол бербөө максатында, анын ичинде төмөнкүлөр аркылуу таасир этүү:»;

2) 16-пунктунун:

экинчи абзацындагы «электрондук акча чыгаруучу банктар» деген сөздөр «электрондук акча эмитенттери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

жыйырма сегизинчи жана жыйырма тогузунчу абзацтарында

«электрондук акча чыгарган банктар» деген сөздөр «электрондук акча эмитенттери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3) 26-пунктундагы «электрондук акча чыгаруучу банктар» деген сөздөр «электрондук акча эмитенттери» деген сөздөргө алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобонун:

1) 1-пунктунун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Жободо төлөм уюмдарына жана төлөм системаларынын операторлоруна жана алардын кызмат адамдарына карата талаптар, ошондой эле төлөм уюмуна электрондук акча чыгаруу укугуна кошумча лицензия берүү тартиби белгиленген.»;

2) 2-1-пункт төмөнкү мазмундагы бешинчи абзац менен толукталсын:

«Төлөм уюму Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген талаптарга жооп берген шартта, ушул Жобого ылайык электрондук акча чыгаруу укугуна кошумча лицензия алууга укуктуу.»;

3) 4-пунктундагы «Төлөм уюмунун жана төлөм системасынын операторунун лицензиясы» деген сөздөр «Ушул Жободо каралган лицензиялар» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4) 7-пункт төмөнкү мазмундагы он үчүнчү абзац менен толукталсын:

«Бул Жободо башка терминдер банк мыйзамдарында жана Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында каралган аныктамаларына ылайык колдонулат.»;

5) төмөнкү мазмундагы 19-2 жана 19-3-пункттары менен толукталсын:

«19-2. Электрондук акча чыгарууга лицензия алуу үчүн төлөм уюму төмөнкү документтерди берүүгө тийиш:

1) ушул Жобонун 1-1-тиркемесиндеги формага ылайык түзүлгөн төлөм уюмунун жетекчисинин колу коюлган электрондук акча чыгарууга лицензия берүү жөнүндө арыз;

2) төлөм уюмунун ыйгарым укуктуу башкаруу органынын отурумунун электрондук акча чыгарууга лицензия алуу жөнүндө чечими/протоколунан көчүрмө;

3) төлөм уюмунун Улуттук банктын төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө ченемдик укуктук актысында белгиленген өлчөмдө уставдык капиталы бар экендигин тастыктоочу документтер;

4) электрондук акча чыгаруу, ошондой эле электрондук акча менен ишке ашырылган операциялар алкагында эсептешүүлөрдү жүргүзүү максатында, депондоштурулган сумманы атайын банктык эсепке сактоо үчүн атайын эсеп ачуу боюнча банк менен түзүлгөн типтүү келишимдин көчүрмөсү. Банк менен түзүлгөн типтүү келишимде Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 20-апрелиндеги № 2022-П-14/25-3-(ПС) токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобонун талаптарын канааттандырган шарттар камтылууга тийиш;

5) электрондук акча боюнча жүгүртүүлөр жана калдыктар жөнүндө маалымат алуу, маалымат базасын күн сайын жаңыртып туруу жана сактоо үчүн программалык камсыздоону орнотуу актысынын көчүрмөсү;

6) төлөм уюмунун ыйгарым укуктуу башкаруу органы тарабынан бекитилген электрондук акча чыгаруу ишин жөнгө салган ички ченемдик документтер, анда төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- төлөм уюму, агенттер жана акцептанттар ортосунда операцияларды жүргүзүү тартиби, анда электрондук акча чыгаруу бөлүгүндө бардык акча жана маалымат агымдарынын жалпы схемасы камтылууга тийиш;

- электрондук акчаны пайдалануудагы финансылык жана техникалык тобокелдиктерди контролдоону уюштуруу;

- электрондук акчаны пайдаланууда маалымат коопсуздугу жана коргоо системасын жана маалымат ресурстарынан пайдалануу укуктарын чектөөнү уюштуруу/чагылдыруу;

- лимиттерге карата белгиленген талаптарга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында, анын

ичинде Кыргыз Республикасында электрондук акчаны жөнгө салуу чөйрөсүндө көрсөтүлгөн башка талаптарга ылайык электрондук капчыктар боюнча лимиттер жөнүндө маалыматты таблица түрүндө;

- электрондук акча системасынын катышуучуларынын диаграмма/схема түрүндө өз ара иш алып баруусу;

7) экономикалык негиздеме, маркетинг планы жана электрондук акча чыгаруудан күтүлүүчү экономикалык натыйжаларды болжолдуу эсептөөлөр;

8) төлөм уюму тарабынан электрондук акча чыгарууга байланыштуу кошумча жол-жобо чаралары жана контролдоо системалары каралган Кыргыз Республикасынын *кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү* чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптарын аткаруу максатында кайра каралып чыккан ички контролдоо эрежелери.

19-3. Электрондук акча чыгарууга лицензия алуу үчүн төлөм уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) төлөм уюму катары кеминде эки жыл иш жүргүзүүгө;

2) үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды кабыл алуу, иштеп чыгуу (процессинг, клиринг) жана төлөм системасынын, ошол процессинг, клиринг борборунун катышуучуларына берүү боюнча кызматтарды сунуштоого лицензиясы болууга;

3) электрондук акча чыгарууга лицензия алууга арыз берилген күнгө карата аткарылган буйруктарды кошпогондо, акыркы 12 ай ичинде Улуттук банк тарабынан колдонулган таасир этүү чараларынын жоктугу;

4) Улуттук банктын төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө ченемдик укуктук актысында белгиленген өлчөмдө түзүлгөн уставдык капиталга ээ болууга.»;

6) төмөнкү мазмундагы 20-1-пункт менен толукталсын:

«20-1. Төлөм уюмунун электрондук акча чыгарууга лицензия алуу үчүн берилген документтерин кароо мөөнөтү 30 (отуз) календардык күндү түзөт.»;

7) 21-пунктунда «Лицензия алуу үчүн» деген сөздөрдөн кийин «(электрондук акча чыгарууга лицензияны кошпогондо)» деген сөздөр менен толукталсын;

8) төмөнкү мазмундагы 62-1 жана 62-2-пункттары менен толукталсын:

«62-1. Эгерде төлөм уюму лицензия берилген учурдан тартып 12 (он эки) айдан ашык убакыт ичинде электрондук акча чыгаруу боюнча ишти жүзөгө ашырбаса, төлөм уюмунун электрондук акча чыгарууга лицензиясы Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына ылайык кайтарып алынууга тийиш.

62-2. Төлөм уюмунун электрондук акча чыгарууга лицензиясынын аракети төлөм уюмунун үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматтарды кабыл алуу, иштеп чыгуу (процессинг, клиринг) жана төлөм системасынын, ошол процессинг, клиринг борборунун катышуучуларына берүү боюнча кызматтарды сунуштоого лицензиясы кайтарылып алынган учурда токтотулат.»;

9) төмөнкү мазмундагы 63-2-пункт менен толукталсын:

«63-2. Төлөм системасы боюнча комитет тарабынан төлөм уюмунун электрондук акча чыгаруу укугуна лицензиясы кайтарылып алынган учурда төлөм уюму төмөнкүлөргө милдеттүү:

1) Төлөм системасы боюнча комитет тарабынан белгиленген мөөнөттөрдө төлөм системаларынын катышуучулары, товарларды/кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочулар, акцептанттар, электрондук акча ээлери алдындагы төлөмдөрдү жана лицензияга байланыштуу башка эсептешүүлөрдү ишке ашырууга, жана лицензияланууучу иштин түрүн дароо токтотууга;

2) лицензияны кайтарып алуу жөнүндө билдирүүнү алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде лицензияны Улуттук банкка тапшырууга.

Улуттук банк лицензиянын аракети токтотулгандыгы жөнүндө маалыматты Улуттук банктын расмий интернет-сайтына жарыялайт.»;

10) 64-пункт төмөнкү мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

«Электрондук акча чыгаруу укугуна лицензияны тапшырууда лицензиат Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 20-апрелиндеги № 2022-П-14/25-3-(ПС) токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобонун 4-главасында белгиленген талаптар аткарылгандыгын

тастыктаган документтердин көчүрмөлөрүн берүүгө милдеттүү.»;

11) Жобо ушул өзгөртүүлөргө карата 1-тиркемеге ылайык редакциядагы 1-1-тиркеме менен толукталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 2019-П-14/50-3-(ПС) «Төлөм системаларынын операторлоруна/төлөм уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Төлөм системаларынын операторлоруна/төлөм уюмдарына карата колдонулуучу таасир этүү чаралары жөнүндө» жобонун:

1) 15-пункту төмөнкү мазмундагы төртүнчү абзац менен толукталсын:

«- төлөм уюму – электрондук акча эмитентинин электрондук акча менен эсептешүүлөрдү өз убагында жана толук камсыз кылууга жөндөмсүздүгү жана (же) электрондук акча ээлерине электрондук акчанын ордун жабуу боюнча милдеттенмелерин аткара албай калуу тобокелдиги аныкталса;»;

2) 18-пункт төмөнкү мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

«- төлөм уюму – электрондук акча эмитентинин электрондук акча менен эсептешүүлөрдү өз убагында жана толук камсыз кылууга жөндөмсүздүгү жана (же) электрондук акча ээлерине электрондук акчанын ордун жабуу боюнча милдеттенмелерин аткара албай калгандыгы аныкталса;»;

3) 19-пункт төмөнкү мазмундагы алтынчы абзац менен толукталсын:

«- төлөм уюму – электрондук акча эмитентинин электрондук акча менен эсептешүүлөрдү өз убагында жана толук камсыз кылууга жөндөмсүздүгү жана (же) электрондук акча ээлерине электрондук акчанын ордун жабуу боюнча милдеттенмелерин аткара албаса;»;

1) 24-пунктунун бешинчи абзацындагы «төлөм системасы/төлөм уюму» деген сөздөрдөн кийин «/электрондук акча эмитенти» деген сөздөр менен толукталсын;

2) 31-пункту төмөнкү мазмундагы төртүнчү абзац менен

толукталсын:

«- электрондук акча чыгаруу, жайылтуу жана ордун жабуу.»;

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 19-августундагы № 2020-П-14/46-4-(ПС) «Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында төлөм уюмдарында жана төлөм системасынын операторлорунда ички контролдоону уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Террористтик ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында төлөм уюмдарында жана төлөм системасынын операторлорунда ички контролдоону уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

1) 4-пункту төмөнкү мазмундагы сегизинчи абзац менен толукталсын:

«Электрондук акча чыгарууга лицензиясы бар төлөм уюмунун кардарлары болуп, электрондук акча ээлери – Кыргыз Республикасынын ПФПД/ЛПД чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык идентификациядан жана верификациядан өткөн жеке адамдар жана юридикалык жактар, электрондук акча акцептанттары да саналат.»;

2) 9-пунктунун он экинчи абзацындагы «кардар-кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочу» деген сөздөрдөн кийин «жана электрондук акча ээси» деген сөздөр менен толукталсын;

3) төмөнкү мазмундагы 12-1-пункт менен толукталсын:

4) «12-1. Эгерде төлөм уюмунун электрондук акча чыгарууга лицензиясы болсо, төлөм уюмунда төлөм уюмунун кызматкерлеринин санына карабастан, ички контролдоо кызматынын функцияларын аткаруучу өзүнчө штаттык бирдик/түзүмдүк бөлүм болууга тийиш.»;

5) 29-пунктунун 1-пунктчасы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«1) ресурстарды бөлүштүрүү жана тобокелдиктерди азайтуу максатында, улуттук тобокелдиктерди баалоо натыйжаларын жана жогору жана төмөн тобокелдиктердин типтүү критерийлерин эске алуу менен кардарлар, өлкөлөр, продукттар, кызмат көрсөтүүлөр, операциялар (бүтүмдөр) жана сунуштоо каналдары боюнча өз

тобокелдиктерин баалоо, аныктоо, документтерде каттоо жана туруктуу негизде жаңылоо;»;

6) 30-пункт төмөнкү мазмундагы 7-пунктча менен толукталсын:

«7) Кыргыз Республикасында электрондук акчаны жөнгө салуу чөйрөсүндөгү талаптарга ылайык, электрондук акча ээлери үчүн электрондук капчык ачууда.»;

7) 31-пунктундагы:

«банк-эмитент/банктын агенти» деген сөздөр «эмитент/эмитенттин агенти» деген сөздөргө алмаштырылсын;

«Электрондук акча менен эсептешүү системасынын операторлору» деген сөздөрдөн кийин «, эмитенттер» деген сөз менен толукталсын.

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 13-октябрындагы № 2021-П-14/56-1-(ПС) «Кыргыз Республикасынын төлөм системасын көзөмөлдөө (оверсайт) эрежелерин бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын төлөм системасын көзөмөлдөө (оверсайт) эрежелеринин:

1) 2-пунктундагы «коммерциялык банктар» деген сөздөр «электрондук акча эмитенттери» деген сөздөргө алмаштырылсын;

2) 13-пунктунун биринчи абзацындагы «маанилүү төлөм системасы болуп саналбаган төлөм системаларынын операторлору,» деген сөздөрдөн кийин «электрондук акча эмитенттери,» деген сөздөр менен толукталсын;

3) 10-тиркемедеги 2-главанын аталышындагы «банктардын» деген сөз «эмитенттердин» деген сөзгө алмаштырылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 20-апрелиндеги № 2022-П-14/25-3-(ПС) «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобонун:

1) 3-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«3. Кыргыз Республикасынын аймагында төмөнкүлөр электрондук акча чыгаруу укугуна ээ:

- банк – Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23/1-(НПА) токтому менен бекитилген «Банк ишин лицензиялоо жөнүндө» жобого ылайык берилген Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) уруксатынын негизинде;

- төлөм уюму – Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 2-сентябрындагы № 2019-П-14/46-1-(ПС) токтому менен бекитилген «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобого ылайык берилген Улуттук банктын кошумча лицензиясынын негизинде.

Электрондук акчаны чыгаруу укугуна ээ банк/төлөм уюму электрондук акча менен операциялардын төмөнкү түрлөрүн жүргүзө алат:

1) электрондук акчаны чыгаруу, жайылтуу жана ордун жабуу;

2) электрондук акча ээлеринен интернетти, мобилдик жана башка байланыш каражаттарын колдонуу менен банкка/төлөм уюмуна/операторго берилүүчү товарлар/кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөөлөрдү жүзөгө ашыруу тапшырмаларын кабыл алуу;

3) электрондук акчаны пайдалануу менен транзакцияларды иштеп чыгуу (процессинг) (Улуттук банктын тиешелүү лицензиясы болгон шартта);

4) келишим түзүлгөн акцептанттар менен электрондук акча ээлеринин атынан жана алардын тапшырмасы боюнча системада иштелип чыккан төлөмдөр боюнча эсептешүүлөрдү жүзөгө ашыруу.»;

2) 6-пункттун:

төртүнчү абзацындагы «банк-электрондук акча эмитенти же агент» деген сөздөр «электрондук акча эмитенти же электрондук акчаны жайылтуу боюнча агент» деген сөздөргө алмаштырылсын;

алтынчы абзацтагы «банк-эмитент» деген сөздөр «электрондук акча чыгаруучу банк» деген сөздөргө алмаштырылсын;

он алтынчы абзац төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Электрондук акча менен эсептешүүлөрдү жүргүзүү системасынын оператору (мындан ары - оператор) - электрондук акча менен операцияларды жүзөгө ашыруу үчүн атайы программалык камсыздоону, аппараттык жана түйүндүк жабдууларды орноткон жана/

же техникалык жактан колдоого алууну камсыз кылган, ошондой эле процессингди эмитент менен түзүлгөн келишимдин негизинде же өз алдынча жүзөгө ашырган, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иш алып барган, үчүнчү жактардын төлөмдөрү жана эсептешүүлөрү боюнча финансылык маалыматты кабыл алуу, иштеп чыгуу жана аны ошол процессинг, клиринг борборунун төлөм системасынын катышуучуларына берүү боюнча кызмат көрсөтүүлөрдү (процессинг, клиринг) сунуштоо лицензиясына ээ юридикалык жак, Кыргыз Республикасынын резиденти.»;

жыйырманчы абзацтагы «банк-эмитент» деген сөздөр «эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

жыйырма экинчи абзацтагы «банк-эмитенттин» деген сөздөр «эмитенттин» деген сөзгө алмаштырылсын;

жыйырма үчүнчү абзацтагы «банктын» деген сөз «эмитенттин» деген сөзгө алмаштырылсын;

жыйырма жетинчи абзацтагы «банк-эмитент» деген сөздөр «эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

отузунчу абзацта:

«банктын» деген сөз «эмитенттин» деген сөзгө алмаштырылсын;

«банк-эмитент» деген сөздөр «эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

отуз экинчи абзац төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Электрондук акча эмитенти (эмитент) – Кыргыз Республикасынын банк мыйзамдарына ылайык, электрондук акчаны жүгүртүүгө чыгаруу укугуна ээ жана электрондук акчанын ордун жабууга сунуштаган акча ээлеринин чыгарылган электрондук акчасынын ордун жабуу боюнча шартсыз жана кайтарымсыз милдеттенмелерди өзүнө алган юридикалык жак.»;

төмөнкү мазмундагы отуз үчүнчү абзац менен толукталсын:

«Электрондук акча чыгаруу максатында акча каражаттарын депондоштуруу үчүн атайын эсеп – чыгарылган электрондук акчаны камсыздоо болуп саналган акча каражаттарын сактоо үчүн электрондук акча чыгаруучу төлөм уюму тарабынан ачылган эсеп. Атайын эсеп боюнча чыгарылган электрондук акча боюнча акча каражаттарынын суммасын эсепке алуу жана электрондук акчанын ордун жабуу үчүн акча каражаттарын эсептен чыгаруу боюнча гана операцияларды жүргүзүүгө болот. Бул эсептеги калдык төлөм уюмунун бардык чыгарылган электрондук акча боюнча милдеттенмелеринин

жалпы суммасына барабар. Акча каражаттарын бул эсептен чыгаруу акцептанттардын дарегине, электрондук акчанын ордун жабууга, ошондой эле бир системанын электрондук капчыгынан башка электрондук акча системасынын электрондук капчыгына которууда гана чектелет жана жүзөгө ашырылат.»;

3) 7, 17, 23, 24, 25, 30, 31, 32, 35, 36, 44, 55, 59, 62, 63, 66, 67, 68, 70, 72, 73, 75, 78, 79, 80, 82, 84, 87, 88, 90, 92, 94, 139 жана 140-пункттарындагы ар кандай жөндөмөлөрдөгү «банк» деген сөз тиешелүү жөндөмөдөгү «эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

4) 12-пунктунун бешинчи абзацында «банк-эмитенттин,» деген сөздөр «эмитент же болбосо» деген сөздөргө алмаштырылсын.

5) 12-2-пунктунун:

биринчи абзацындагы «эмитент-банк» деген сөздөр «эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

экинчи абзацындагы «эмитент банк» деген сөздөр «эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

бешинчи абзацындагы «эмитент банктары» деген сөздөр «эмитенттери» деген сөзгө алмаштырылсын;

төмөнкү мазмундагы жетинчи абзац менен толукталсын:

«Бул пункттун талаптары төлөм уюму электрондук акча эмитенти болуп саналган учурларга жайылтылбайт.»;

6) 13, 14, 15, 39, 74, 90 жана 134-пункттардагы ар кандай жөндөмөдөгү «банк-эмитент» деген сөздөр тиешелүү жөндөмөдөгү «эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

7) 19-пунктта:

биринчи абзацта «кайсы болбосун операция» деген сөздөрдөн кийин «электрондук акча ээсинин мобилдик тиркемесине билдирүү, ошондой эле» деген сөздөр менен толукталсын;

сегизинчи абзацтагы «банк-эмитентине» жана «банк» деген сөздөр, тиешелүүлүгүнө жарага, «эмитентине» жана «эмитент» деген сөздөргө алмаштырылсын;

8) 3-главанын 1-параграфынын аталышы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«§ 1. Эмитентке карата негизги талаптар»;

9) 20-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«20. Кыргыз Республикасында электрондук акча эмитенти катары Улуттук банктын тиешелүү уруксатын/лицензиясын алган жана электрондук акча чыгарган жана электрондук акчанын ордун жабууга

сунуштаган электрондук акча ээлеринин электрондук акчасынын ордун жабуу боюнча шартсыз жана кайтарымсыз милдеттенмени өзүнө алган банк же төлөм уюму иш жүргүзө алат.»;

10) 21-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«21. Эмитент ушул Жобонун 22-26-пункттарында каралган талаптарды сактоо менен электрондук акча эмитентинин функцияларын/электрондук акчанын ордун жабуу боюнча милдеттенмелерди башка эмитентке өткөрүп берүүгө укуктуу.

Эгерде товардык белги жана/же электрондук акча системасы электрондук акча системасынын операторуна таандык болсо, электрондук акча эмитентинин функцияларын/ээлик кылуучуларга электрондук акчанын ордун жабуу боюнча милдеттенмелерди башка эмитентке өткөрүп берүүгө болот.».

11) 22-пунктта:

биринчи абзацтагы «банк/эмитентке» деген сөздөр «эмитентке» деген сөзгө алмаштырылсын;

1-пунктча төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«1) электрондук акча эмитентинин функцияларын/башка эмитенттин электрондук акчаны төлөө боюнча милдеттенмелерин банктын лицензиясына карата уруксат берилген банктык операциялар тизмегине ылайык электрондук акча чыгарууга уруксаты бар эмитент же электрондук акча чыгаруу укугуна лицензиясы бар төлөм уюму гана өзүнө ала алат;»;

2-пунктчадагы «банк-эмитент» жана «банкка» деген сөздөр, тиешелүүлүгүнө жараша, «эмитент» жана «эмитентке» деген сөздөргө алмаштырылсын;

3-пунктчадагы «банк-эмитенттин» жана «банк-эмитент» деген сөздөр, тиешелүүлүгүнө жараша, «эмитенттин» жана «эмитент» деген сөздөргө алмаштырылсын;

4-пунктчадагы «банк-эмитент» деген сөз «эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

12) 26-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«26. Өткөрүлүп берилүүчү системанын агенттери/субагенттер, акцептанттар электрондук акча эмитентинин функцияларын/электрондук акча системасынын эмитентинин милдеттенмелерин кабыл алуучу эмитент менен ошол эле шарттарда, кабыл алуучу эмитент менен ошол эле же башка шарттарда келишимдерди кайра түзүү менен ишти улантууга укуктуу. Эгерде кабыл алуучу эмитентке

талап кылуу укугу өткөрүлүп берилсе, жогоруда көрсөтүлгөн жактар карызды которууга макулдугун берип, кабыл алуучу эмитент менен ишти улантышы мүмкүн.»;

13) 29-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«29. Эгерде эмитент бир нече электрондук акча системасынын электрондук акчасын чыгарса, анда эмитент өзүнүн маалымат системасында ар бир электрондук акча системасынын электрондук акчасынын эсебин өз-өзүнчө жүргүзүүгө тийиш.»;

14) 30-пунктта:

«Банк» деген сөздөн кийин «/төлөм уюму» деген сөздөр менен толукталсын;

«банктын» деген сөз «эмитенттин» деген сөзгө алмаштырылсын;

15) 31-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«31. Электрондук акча чыгаруучу банк электрондук акча процессингин өз алдынча ишке ашырат же электрондук акча системасынын талаптарына жана эрежелерине, ошондой эле ушул Жобого ылайык процессинг функциясын аткаруусу үчүн оператор менен келишим түзөт.»;

16) 33-пунктунун:

биринчи абзацындагы «Банк» деген сөз «Эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

расмий тилдеги тексттин экинчи абзацындагы «у банка» деген сөздөр «в банке» деген сөздөргө алмаштырылсын;

тогузунчу абзац төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Бул пункттун талаптары электрондук акча системасынын операторунун функцияларын өз алдынча аткарган эмитентке жайылтылбайт.»;

17) 34-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«34. Электрондук акча эмитенти болуп саналган банк өз маалымат системасынын үзгүлтүксүз ишин жана транзакцияларды жүргүзүүдө коопсуздукту камсыз кылуу үчүн Улуттук банк Башкармасынын 2021-жылдын 22-декабрындагы № 2021-П-20/72-8-(НПА) токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында маалыматтык коопсуздукту камсыз кылуу боюнча талаптар жөнүндө» жобого жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын башка талаптарына ылайык ички ченемдик документтерин (эрежелерди, жол-жоболорду, нускоолорду ж.б.) иштеп чыгууга тийиш. Электрондук акча системаларында

колдонулган программалык жана техникалык каражаттар маалымат коопсуздугун камсыз кылуу талаптарын кошо алганда, Улуттук банктын талаптарына ылайык келүүсү зарыл. Көрсөтүлгөн эрежелер жана жол-жоболор зарыл учурларда, бирок 3 (үч) жыл ичинде кеминде 1 (бир) жолу кайра каралып, жаңыртылууга тийиш.

Электрондук акча эмитенти болуп саналган төлөм уюму Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 31-мартындагы № 2023-П-14/21-1-(ПС) токтому менен бекитилген «Төлөм системаларынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын маалыматтык коопсуздугун камсыз кылуу боюнча талаптар жөнүндө» жобого жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын башка талаптарына ылайык ички ченемдик документтерин (эрежелерди, жол-жоболорду, нускоолорду ж.б.) иштеп чыгууга тийиш.»;

18) 37-пунктунун:

биринчи абзацындагы «жүзөгө ашырган банкта» деген сөздөр «жүзөгө ашырган банкта/төлөм уюмунда» деген сөздөргө алмаштырылсын;

экинчи абзацындагы «банктын» деген сөздөн кийин «/төлөм уюмунун» деген сөздөр менен толукталсын;

19) 3-глава төмөнкү мазмундагы 1-1-параграф менен толукталсын:

«§ 1-1. Электрондук акча чыгарган төлөм уюмуна карата талаптар

41-1. Төлөм уюму электрондук акча чыгаруу максатында, чыгарылган электрондук акчанын камсыздоосу болуп саналган акча каражаттарын депондоштуруу үчүн банк менен атайын банктык эсеп (мындан ары – атайын эсеп) ачуу жөнүндө келишим түзөт. Атайын эсеп чыгарылган электрондук акча боюнча акча каражаттардын суммасын чегерүү жана электрондук акчанын ордун жабуу үчүн каражаттарды эсептен алып салуу операцияларын ишке ашыруу үчүн гана колдонулушу керек. Банк менен түзүлгөн келишимде төмөнкү шарттар камтылууга тийиш:

- төлөм уюмунун акцептанттары, агенттери/субагенттери жана электрондук акча ээлери менен өз ара эсептешүүлөрдү жүргүзүү максатында акча каражаттарын чегерүү жана эсептен алып салуу тартиби, банк тарабынан акча каражаттарын сактоо жана атайын эсептен акцептсиз тартипте эсептен алып салуу шарттары;

- салыштырууларды жүргүзүү жана кийин электрондук акча системасында чыгарылган электрондук акчанын суммасы менен

атайын эсептеги сумманын жетиштүүлүгүн контролдоо максатында, төлөм уюмунун банкка электрондук акча системасына онлайн режиминде кирүү мүмкүнчүлүгүн берүү милдеттенмелери;

- банкта кошумча депозиттик эсеп ачуу жана банкка электрондук акча чыгаруу максатында акча каражаттарын атайын эсепке чегерүү үчүн аларды акцептсиз тартипте эсептен алып салуу укугун берүү;

- тобокелдиктерди минималдаштыруу максатында электрондук акча системасында чыгарылган электрондук акчага караганда атайын эсептеги акча каражаттардын калдыгы төмөндөгөн учурда банкка атайын эсеп боюнча кыймылга убактылуу же толугу менен бөгөт коюуга толук жана шартсыз укук берүү. Банк Улуттук банкка билдиргенден кийин гана атайын эсеп боюнча кыймылдарды убактылуу же толугу менен бөгөттөй алат;

- атайын эсептеги акча каражаттар кыймылы бөгөттөн чыгарылгандан кийин банк менен өз ара иш алып баруу тартиби.

41-2. Электрондук акча атайын банк эсебиндеги калдыктан ашпаган сумманын чегинде чыгарылууга тийиш. Электрондук акча системасында чыгарылган электрондук акчанын көлөмү жана суммасы төлөм уюмунун бухгалтердик балансында жана демек электрондук акчаны эсепке алуу боюнча атайын эсепте чагылдырылган көлөмгө жана суммага ылайык келүүгө тийиш.

41-3. Атайын банк эсебинде акча каражаттарын жетиштүү деңгээлде колдоп туруу максатында төлөм уюму атайын банктык эсеп ачылган банкта кошумча депозиттик/гарантияланган эсеп ачат. Төлөм уюму туруктуу негизде депозиттик эсептеги талап кылынган калдыкка мониторинг жүргүзүп, аны колдоп турууга жана ушул Жобонун 41-2-пунктун аткаруунун алкагында банкка депозиттик/гарантияланган эсептен акцептсиз тартипте атайын эсепке каражаттарды чегерүү укугун берүүгө тийиш.

41-4. Төлөм уюмунун жана төлөм системасынын операторунун ишине, ошондой эле төлөм уюмунун чарба ишине байланыштуу төлөм уюмунун акча каражаттары электрондук акча менен операцияларды жүргүзүү үчүн каралган атайын жана/же депозиттик/гарантияланган эсептерде топтолбоого жана сакталбоого тийиш.

41-5. Төлөм уюму электрондук акча менен операциялар процессингин өз алдынча жүзөгө ашырат жана бул функцияларды аткаруу үчүн башка адамды ишке тартууга укугу жок. Төлөм уюму, ушул Жобонун банк-эмитенттерге тиешелүү 43, 44, 50 жана

51-пункттарынан тышкары, электрондук акча менен эсептешүү системасынын оператору үчүн ушул Жободо аныкталган талаптарды, ошондой эле Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 2019-П-14/50-2-(ПС) токтому менен бекитилген «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» жободо аныкталган жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларында белгиленген башка талаптарды аткарууга тийиш.

41-6. Юридикалык жактар жана жеке ишкерлер да электрондук акчаны жайылтуу жана ордун жабуу максатында төлөм уюмунун агенттери катары иш бара алат. Төлөм уюму Улуттук банк Башкармасынын 2019-жылдын 30-сентябрындагы № 2019-П-14/50-2-(ПС) токтому менен бекитилген «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин жөнгө салуу жөнүндө» жобонун талаптарына ылайык электрондук акчаны жайылтуу үчүн агенттерди ишке тартат.

41-7. Төлөм уюму Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 19-августундагы № 2020-П-14/46-4-(ПС) токтому менен бекитилген «Кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү максатында төлөм уюмдарында жана төлөм системасынын операторлорунда ички контролдоону уюштурууга карата минималдуу талаптар жөнүндө» жобого ылайык ички контролдоо кызматына ээ болууга тийиш, ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ПФПД/ЛПД боюнча ички контролдоо эрежелерин сактоого жана ишке ашырууга жооптуу.

Ички контролдоо эрежелеринде ошондой эле агенттерди - юридикалык жактарды жана жеке ишкерлерди окутуу программасы жана жол-жобосу, агентти Кыргыз Республикасынын ПФПД/ЛПД чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын талаптары менен тааныштыруу жана андан ары агенттер белгиленген талаптарды сактоосуна мониторинг жүргүзүү жол-жобосу да камтылууга тийиш.

41-8. Төлөм уюмунун агенти Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарына ылайык, алдамчылык операцияларына каршы аракеттенүү иш-чараларын кошо алганда, ПФПД/ЛПД боюнча ички контролдоо эрежелеринин сакталышы жана ишке ашырылышы үчүн жооптуу кызмат адамын дайындоого тийиш. Эгерде агент жеке ишкер болуп саналса жана электрондук акчаны жайылтуу жана ордун жабуу боюнча кызматтарды сунуштаса, төлөм уюму ички контролдоо

эрежелерине ылайык аны өз алдынча окутушу мүмкүн жана төлөм уюмунун расмий каты менен өз агенти окутуудан өткөндүгүн тастыкташы мүмкүн же болбосо агент төлөм уюму менен макулдашуу боюнча тиешелүү окуу жайынан окуудан өтүп, сертификат алышы мүмкүн.

41-9. Төлөм уюму агенттер/субагенттер тарабынан мыйзам талаптарынын сакталышы, анын ичинде ПФПД/ЛПД чөйрөсүндөгү мыйзам талаптарынын аткарылышы үчүн жоопкерчиликтүү болуп саналат.»;

20) 54-пункттун:

экинчи абзацындагы «ПФТД» деген аббревиатура «ПФПД» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

үчүнчү абзацындагы «эмитент» деген сөз «эмитент банк» деген сөздөргө алмаштырылсын;

21) төмөнкү мазмундагы 54-1 жана 54-2-пункттар менен толукталсын:

«54-1. Төлөм уюму жана Кардарды идентификациялоо жана верификациялоо тартибинин 2-пунктунда көрсөтүлгөн, ишкердик мамиле түзүүчү жана операцияларды (бүтүмдөрдү) аралыктан жүзөгө ашырган, финансылык мекемелер болуп саналган анын агенттери (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-декабрындагы № 606 токтому менен бекитилген «Кардарга талаптагыдай текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» жобого карата 5-тиркеме) жогоруда аталган Тартипте белгиленген талаптарга ылайык Кыргыз Республикасынын жарандары болгон жеке адамдардын электрондук капчык ээлерин идентификациялоо жана верификациялоо жол-жобосун аралыктан жүргүзүүгө укуктуу.

54-2. Төлөм уюму үчүнчү тарапка ишенимдин алкагында электрондук акча ээлерин идентификациялоо жана верификациялоо боюнча агент катары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 25-декабрындагы № 606 токтому менен бекитилген «Кардарга талаптагыдай текшерүү жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө» жобого ылайык, Кыргыз Республикасынын кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндө мыйзам талаптарына ылайык, кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чараларын жүзөгө ашырган субъект болуп саналган финансылык мекемени ишке тартышы мүмкүн.»;

22) төмөнкү мазмундагы 55-1-пункт менен толукталсын:

«55-1. Төлөм уюму электрондук капчык ээлери үчүн операцияларды жүргүзүү үчүн ушул Жобого карата 6-тиркемеде белгиленген чектен ашпаган лимиттерди белгилөөгө милдеттүү.»;

23) 56, 116 жана 129-пункттарындагы «ПФТД» деген аббревиатура «ПФПД» деген аббревиатурага алмаштырылсын;

24) төмөнкү мазмундагы 62-1-пункт менен толукталсын:

«62-1. Төлөм уюму тарабынан чыгарылган электрондук акчаны пайдалануу менен ишке ашырылган операциялар боюнча акча каражаттарын эсепке алуу ушул Жобонун 1-2-параграфтарына ылайык жүргүзүлөт.»;

25) 65-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«65. Эмитент өзүнүн ички документтеринде (эрежелерде, жол-жоболордо, нускоолордо ж.б.) электрондук акча агенттерине карата критерийлерди өз алдынча иштеп чыгууга тийиш.»;

26) 69-пункт күчүн жоготкон катары таанылсын;

27) 71-пункттун:

биринчи абзацындагы «Банк» деген сөз «Эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

сегизинчи жана тогузунчу абзацтардагы «ПФТД/ЛПД» аббревиатурасы «ПФПД/ЛПД» аббревиатурасына алмаштырылсын;

он экинчи абзацтагы «Банк» деген сөз «Эмитент» деген сөзгө алмаштырылсын;

28) 76-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«76. Электрондук акчаны жайылтууда эмитент агенттер, субагенттер тарабынан ПФПД/ЛПД чөйрөсүндөгү талаптардын аткарылышын камсыз кылууга тийиш.»;

29) төмөнкү мазмундагы 76-1-пункт менен толукталсын:

«76-1. Эл аралык электрондук акчаны жайылтууда агент банк субагенттер тарабынан ПФПД/ЛПД боюнча талаптардын аткарылышын камсыз кылууга тийиш.»;

30) 77-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«77. Электрондук акчаны жайылтууда эмитент, агент жана субагент электрондук капчык ээсин тараптардын укуктары жана милдеттери, алар тарабынан жайылтылып жаткан электрондук акчанын өзгөчөлүктөрү жана ээсинен электрондук акча үчүн төлөм алынганга чейин сунушталган кызмат көрсөтүүлөргө карата белгиленген

тарифтер менен тааныштырууга тийиш.»;

31) төмөнкү мазмундагы 77-1-пункт менен толукталсын:

«77-1. Эл аралык электрондук акчаны жайылтууда агент банк жана эл аралык электрондук акчанын субагенти электрондук капчык ээсин тараптардын укуктары жана милдеттери, алар тарабынан жайылтылып жаткан электрондук акчанын өзгөчөлүктөрү жана ээсинен электрондук акча үчүн төлөм алынганга чейин сунушталган кызмат көрсөтүүлөргө карата белгиленген тарифтер менен тааныштырууга тийиш.»;

32) 81-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«81. Электрондук акча ээсине берилүүгө тийиш болгон акчанын тиешелүү суммасы электрондук акча ээсинин банктык эсебине чегерилген, ага касса, cash-out функциясы каралган төлөм терминалы аркылуу накталай акча берилген же болбосо башка электрондук акча системасынын капчыгына которулган учурдан тартып эмитент тарабынан электрондук акчанын орду жабылган болуп эсептелет.»;

33) төмөнкү мазмундагы 82-1 жана 82-2-пункттар менен толукталсын:

«82-1. Эгерде банк тарабынан чыгарылган электрондук акча системасынын оператору катары башка уюм болсо, электрондук капчыктар эмитент банк тарабынан электрондук акча системасынын оператору менен биргеликте жабылат.»;

82-2. Эмитент төлөм уюму ушул Жобонун 82-пунктунун талаптарын аткаруу максатында, буга чейин талап кылынбаган электрондук акча калдыктарынын суммасын өзүнчө эсепке которот жана системадан тышкары эсепке алууда калдыктардын эсебин жүргүзөт. Талап кылынбаган калдыктар жабылган капчыктын ээсинин кайрылуусу боюнча накталай эмес түрдө кайтарылат.».

34) 4-главанын аталышы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«4-глава. Эмитенттин лицензиясын кайтарып алуу/аракетин убактылуу токтотуу учурунда электрондук акча системасын жабуу жана электрондук акча менен операцияларды жүргүзүү тартиби»;

35) 4-главанын 1-параграфынын аталышы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«§ 1. Банктын электрондук акча системасын жабуу»;

36) 4-глава төмөнкү мазмундагы 3-параграф менен толукталсын:

«§3. Төлөм уюмунун электрондук акча системасын жабуу

107-1. Төлөм уюму электрондук акча системасын жабуу жөнүндө чечим кабыл алууда электрондук акча системасын жабуу мөөнөтү келгенге чейин кеминде 3 (үч) ай мурда жалпыга маалымдоо каражаттарына маалымат жайгаштыруу аркылуу электрондук акча ээлерине маалымдоо боюнча иш-аракеттерди көрөт, ошондой эле төлөм уюмунун сайтына маалыматты милдеттүү түрдө жайгаштыруу менен төмөндө көрсөтүлгөн ыкмалардын бири аркылуу кошумча маалымдайт:

- электрондук акча ээсинин жеке кабинети аркылуу билдирүү;
- электрондук/кагаз түрүндө кат жөнөтүү;
- SMS-билдирүүлөрдү/USSD-жөнөтмөлөрдү/PUSH-билдирүүлөрдү жөнөтүү.

Электрондук акча ээсинин арызында көрсөтүлгөн эсептешүү/банктык эсептерге же башка электрондук капчыкка которуу аркылуу электрондук акча ээлерине электрондук акчаны төлөп берет.

107-2. Төлөм уюму электрондук акча системасын жабуу мөөнөтү келгенге чейин 3 (үч) ай мурда Улуттук банкка электрондук акча системасын жабуу жөнүндө чечим кабыл алынгандыгы тууралуу кат жөнөтөт.

107-3. Төлөм уюму агенттерге/субагенттерге, акцептанттарга билдирүүлөрдү жөнөтөт жана түзүлгөн келишимдерди токтотуу жана түзүлгөн келишим боюнча шарттарды аткаруу жол-жоболорун жүргүзөт.

107-4. Системаны жабуу мөөнөтү келген учурда электрондук капчыктардагы талап кылынбаган калдыктар боюнча төмөнкү иштер жүргүзүлөт:

- юридикалык жактардын жана жеке ишкерлердин - юридикалык жак/жеке ишкер тарабынан буга чейин көрсөтүлгөн эсептешүү эсептерине/электрондук капчыктарга которулат;
- жеке жактардын – атайын ачылган банктык эсепке которулат.

Эмитент төлөм уюму төлөм уюмунун системалык эсебиндеги (балансында) электрондук акча боюнча талап кылынбаган калдыктардын эсебин жүргүзөт, ал эми акча каражаттарынын калдыгын атайын ачылган банктык эсепте өзүнчө сактоого тийиш. Белгиленген мөөнөт аяктагандан кийин, эгерде жабык капчык ээлеринин акча каражаттарын кайтарып берүү жөнүндө кайрылуусуна байланыштуу акча каражаттарынын агылып чыгуу ыктымалдыгы

төмөн болсо, эмитент жогоруда көрсөтүлгөн милдеттенмелерди баланстан алып салууга жана аларды ар бир жабык капчык боюнча милдеттүү түрдө системадан тышкары эсепке алуу менен мөөнөтсүз эсепке алууга укуктуу.»;

37) 4-глава төмөнкү мазмундагы 4-параграф менен толукталсын:

«§ 4. Эмитент төлөм уюмунун лицензиясы кайтарылып алынган/ аракети убактылуу токтотулган/убактылуу администрация киргизилген учурда электрондук акча эмиссиясын жана электрондук акча менен операцияларды жүргүзүүнү токтотуу

107-5. Лицензия кайтарылып алынган учурда эмитент төлөм уюму электрондук акчаны пайдалануу менен бардык операцияларды токтотот жана бул тууралуу бардык катышуучуларга кандай болбосун ыкмалар аркылуу маалымдайт.

107-6. Лицензиянын аракети убактылуу токтотулган учурда эмитент төлөм уюму электрондук акчаны пайдалануу менен ишке ашырылуучу бардык операцияларды токтотот жана бул тууралуу электрондук акча ээлерине жеткиликтүү болгон ыкмада маалымдайт.

Электрондук акча чыгаруу үчүн атайын эсептен электрондук акчанын ордун жабуу операцияларын кошпогондо, лицензиянын аракети калыбына келтирилгенден кийин гана электрондук акча менен операцияларды жүргүзүүгө жол берилет.»;

38) 132-пунктундагы «терроризм жана экстремизм иштерине катыштыгы бар адамдар» деген сөздөр «кылмыштуу ишке катыштыгы бар адамдардын санкциялык тизмеси» деген сөздөргө алмаштырылсын;

39) 138-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«138. Электрондук акча чыгаруучу эмитенттер, ошондой эле Кыргыз Республикасынын аймагында эл аралык системалардын электрондук акчаларын жайылтууну жүзөгө ашырган банктар Улуттук банкка алар тарабынан чыгарылган жана тейлөөгө алынган электрондук акчалар, ошондой эле акча каражаттарынын жылышы жөнүндө маалыматты Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларында белгиленген мөөнөттө жана формада сунуштайт.»;

40) 141-пунктунун «коммерциялык банктын» деген сөздөр «эмитенттин» деген сөзгө алмаштырылсын;

41) Жобо ушул Өзгөртүүлөргө карата 2-тиркемеге ылайык редакциядагы 4-тиркеме менен толукталсын;

42) Жобо ушул Өзгөртүүлөргө карата 3-тиркемеге ылайык редакциядагы 5-тиркеме менен толуктalсын;

43) Жобо ушул Өзгөртүүлөргө карата 4-тиркемеге ылайык редакциядагы 6-тиркеме менен толукталсын.

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 30-апрелиндеги № 2025-П-14/20-1-(ПС) «Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун уставдык капиталынын минималдуу өлчөмү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

1) токтом төмөнкү мазмундагы 1-1-пункт менен толукталсын:

«1-1. Төлөм уюму төлөм системасынын операторунун лицензиясына ээ болсо электрондук акча чыгаруучу төлөм уюму үчүн уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү 90 млн сом өлчөмүндө белгиленет. Ушул токтомдун 2-пунктунда көрсөтүлгөн төлөм кызматтарынын кошумча түрлөрүн сунуштоодо уставдык капиталдын минималдуу өлчөмү төмөнкү өлчөмдө белгиленсин:

1) ушул токтомдун 2-пунктунун 1-пунктчасында көрсөтүлгөн төлөм кызматтарын сунуштоо –120 млн сомдон кем эмес;

2) ушул токтомдун 2-пунктунун 2-пунктчасында көрсөтүлгөн төлөм кызматтарын сунуштоо – 120 млн сомдон кем эмес;

3) ушул токтомдун 2-пунктунун 1 жана 2-пунктчаларында көрсөтүлгөн төлөм кызматтарын сунуштоо – 150 млн сомдон кем эмес.»

1-тиркеме

«Төлөм уюмдарынын жана төлөм системаларынын операторлорунун ишин лицензиялоо жөнүндө» жобого карата
1-1-тиркеме

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНКЫ**

**АРЫЗ**

___________________________________________________________

___________________________________________________________

*(төлөм уюмунун толук аталышы, юридикалык дареги, иш жүзүндөгү дареги, уюлдук/стационардык телефон номери)*

электрондук акча чыгаруу ишин жүзөгө ашырууга лицензия берүүнү өтүнөм.

Бул арызды толтуруу менен мен, арыз ээсинин жетекчиси катары, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын төлөм системалары боюнча ченемдик укуктук актылары менен таанышып чыкканымды жана жогоруда белгиленген ишкердик түрлөрү үчүн талап кылынган бардык маалыматтар жана документтер тиркелгендигин тастыктайм.

Арызга карата тиркеме: ____ б.
Төлөм уюмунун жетекчисинин кол тамгасы жана мөөрү
20__-жылдын "__" ________________

2-тиркеме

«Кыргыз Республикасында
электрондук акча жөнүндө» жобого
карата 4-тиркеме

**Төлөм уюму-эмитенттин электрондук акча чыгарууга жана жүгүртүүгө байланыштуу иши жөнүндө**
**ОТЧЕТ**
**(электрондук капчык ээлери боюнча)**

Төлөм уюму-эмитенттин аталышы ______________________________

Отчеттук мезгил: (КК.ЖЖЖЖ) _________________________________

| Жок | Электрондук акча системасынын аталышы | Колдонуучулардын түрү (идентификацияланган, идентификацияланбаган) | Колдоннуучулардын (капчыктардын) саны | Отчеттук мезгилдин акырына карата электрондук акчанын калдыгы | Которуулар | | | | | | Электрондук акчанын ордун жабуу | | | | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө | | | | Электрондук капчыкты толуктоо аркылуу электрондук акчаны жайылтуу | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | электрондук акча системасынын ичинде | | башка электрондук акча системаларына | | башка электрондук акча системаларынан | | накталай | | банк эсебине | | бардыгы | | анын ичинен: бюджеттик төлөмдөр | | накталай акчага алмаштыруу | | банктык эсептен накталай эмес акча каражаттарына алмаштыруу | |
| | | | | | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 |
| 1 | ЭА1 | идентификацияланган | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | идентификацияланбаган | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

Аткаруучу___________________________________________________
(кол тамгасы, аты-жөнү, телефон номери)

Төлөм уюмунун жетекчиси__________________(кол тамгасы) (аты-жөнү)

М.О.

**Отчёт толтуруу тартиби (1-тиркеме)**

Төлөм уюму-эмитенттин электрондук акча чыгарууга жана жүгүртүүгө байланыштуу иши жөнүндө отчётто (электрондук капчык ээлери боюнча) отчёттук мезгил ичинде электрондук акча чыгарууга жана жүгүртүүгө байланыштуу транзакциялардын сандык мүнөздөмөлөрү тууралуу маалыматтар камтылат.

Саны боюнча маалыматтар бүтүн санга чейин тегеректелген сан маанисинде көрсөтүлөт. Көлөмү боюнча маалыматтар үтүрдөн кийин эки белгиге чейин тегеректелген сан маанисинде көрсөтүлөт.

Таблицадагы төмөнкү аталыштар төмөнкүчө толтурулат:

- «Төлөм уюму-эмитенттин аталышы» - Улуттук банктан электрондук акча чыгарууга лицензия алган жана электрондук акча системасынын эмитенти болуп саналган төлөм уюмунун аталышы;
- «Отчёттук мезгил: (ЧЧ.ЖЖЖЖ)» - отчёттук мезгилдин чейреги, жылы сандык форматта толтурулат (мисалы, 02.2025, бул 2025-жылдын 2-чейреги).

Таблицанын:

- 1-тилкесинде – катар номери көрсөтүлөт;
- 2-тилкесинде – электрондук акча системасынын катталган аталышы көрсөтүлөт;
- 3-тилкесинде – электрондук акчаны колдонуучулардын түрү көрсөтүлөт: идентификацияланган же идентификацияланбаган;
- 4-тилкесинде – электрондук акчаны (капчыктарды) колдонуучулардын саны көрсөтүлөт;
- 5-тилкесинде – отчёттук мезгилдин акырына карата системадагы электрондук акчанын калдыгы көрсөтүлөт;
- 6-7-тилкелеринде – отчёттук мезгил ичинде электрондук акча системасынын ичиндеги капчыктар ортосунда которуулардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;
- 8-9-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде акча каражаттарын башка электрондук акча системаларына, анын ичинде эл аралык

системаларга чыгаруу аркылуу электрондук акчаны которуу боюнча операциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;

- 10-11-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде башка электрондук акча системаларынан, анын ичинде эл аралык системалардан капчыктагы калдыкты көбөйтүү аркылуу электрондук акчаны которуу боюнча операциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;

- 12-13-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде электрондук акчаны накталай акчага алмаштыруу аркылуу электрондук акчанын ордун жабуу (электрондук акча системасында калдыкты азайтуу) боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;

- 14-15-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде электрондук акчаны банктык эсептеги накталай эмес акча каражаттарына алмаштыруу аркылуу электрондук акчанын ордун жабуу (электрондук акча системасында калдыкты азайтуу) боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;

- 16-17-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын жалпы саны жана көлөмү (анын ичинде бюджеттик төлөмдөр) көрсөтүлөт;

- 18-19-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде бюджеттик төлөмдөрдү гана төлөө боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;

- 20-21-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде накталай акчанын ордуна электрондук капчыкты толтуруу аркылуу электрондук акчаны жайылтуу боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;

- 22-23-тилкелерде - отчёттук мезгил ичинде банктык эсептен накталай эмес каражаттардын ордуна электрондук капчыкты толтуруу аркылуу электрондук акчаны жайылтуу боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт.

3-тиркеме

**«Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө» жобого карата 5-тиркеме**

Төлөм уюму-эмитенттин электрондук акчаны жайылтууга жана жүгүртүүгө байланыштуу иши жөнүндө
**ОТЧЁТ**
(юридикалык жактар жана жеке ишкерлер боюнча)

Төлөм уюму-эмитенттин аталышы ______________________________

Отчёттук мезгил: (ЧЧ.ЖЖЖЖ) ______________________________

| № | Электрондук акча системасынын аталышы | Катышуучулардын түрү | Колдонуучулардын саны (капчыктар) | Отчёттук мезгилдин акырына карата электрондук акчанын калдыгы | Которуулар | | | | | | Электрондук акчанын ордун жабуу | | | | Товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө | | | | Электрондук капчыкты толтуруу жолу менен электрондук акчаларды таратуу | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | электрондук акча системасынын ичинде | | башка электрондук акча системаларына | | башка электрондук акча системаларынан | | нак акча | | банктык эсепке | | бардыгы | | алардын ичинен: бюджеттик төлөмдөр | | Нак акчага алмаштыруу | | банктык эсептен нак эмес акча каражаттарга алмаштыруу | |
| | | | | | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөмү | саны (даана) | көлөм |
| 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 | 12 | 13 | 14 | 15 | 16 | 17 | 18 | 19 | 20 | 21 | 22 | 23 |
| 1 | ЭД 1 | Агенттер (анын ичинде алардын суб-агенттери) | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |
| | | Акцептанттар | | | | | | | | | | | | | | | | | | | | |

Аткаруучу ________________________________ ( аты-жөнү, телефону)

Жетекчи ______________________________ (кол тамгасы) ( аты-жөнү)

М.О.

**Отчёт толтуруу тартиби (2-тиркеме)**

Төлөм уюму-эмитенттин электрондук акчаны жайылтууга жана жүгүртүүгө байланыштуу иши жөнүндө отчётто (юридикалык жактар жана жеке ишкерлер боюнча) отчёттук мезгил ичинде электрондук акчаны жайылтууга жана жүгүртүүгө байланыштуу транзакциялардын сандык мүнөздөмөлөрү тууралуу маалыматтар камтылат.

Саны боюнча маалыматтар бүтүн санга чейин тегеректелген сан маанисинде көрсөтүлөт. Көлөмү боюнча маалыматтар үтүрдөн кийин эки белгиге чейин тегеректелген сан маанисинде көрсөтүлөт.

Таблицадагы төмөнкү аталыштар төмөнкүчө толтурулат:

- «Төлөм уюму-эмитенттин аталышы» – Улуттук банктан электрондук акча чыгарууга лицензия алган жана электрондук акча системасынын эмитенти болуп саналган төлөм уюмунун аталышы;
- «Отчёттук мезгил: (ЧЧ.ЖЖЖЖ)» – отчёттук мезгилдин чейреги, жылы сандык форматта толтурулат (мисалы, 02.2025, бул 2025-жылдын 2-чейреги).

Таблицанын:

- 1-тилкесинде – катар номери көрсөтүлөт;
- 2-тилкесинде – электрондук акча системасынын катталган аталышы көрсөтүлөт;
- 3-тилкесинде – катышуучулардын түрү көрсөтүлөт: агенттер, акцептанттар;
- 4-тилкесинде – колдонуучулардын (капчыктарды) саны көрсөтүлөт;
- 5-тилкесинде – отчёттук мезгилдин акырына карата электрондук акчанын калдыгы көрсөтүлөт;
- 6-7-тилкелеринде – отчёттук мезгил ичинде электрондук акча системасынын ичиндеги капчыктар ортосунда которуулардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;
- 8-9-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде акча каражаттарын башка электрондук акча системаларына, анын ичинде эл аралык системаларга чыгаруу аркылуу электрондук акчаны которуу боюнча операциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;
- 10-11-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде башка электрондук акча системаларынан, анын ичинде эл аралык системалардан капчыктагы калдыкты көбөйтүү аркылуу электрондук акчаны которуу боюнча операциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;
- 12-13-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде электрондук акчаны

накталай акчага алмаштыруу аркылуу электрондук акчанын ордун жабуу (электрондук акча системасында калдыкты азайтуу) боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;

- 14-15-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде электрондук акчаны банктык эсептеги накталай эмес акча каражаттарына алмаштыруу аркылуу электрондук акчанын ордун жабуу (электрондук акча системасында калдыкты азайтуу) боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;
- 16-17-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр үчүн төлөө боюнча операциялардын жалпы саны жана көлөмү (анын ичинде бюджеттик төлөмдөр) көрсөтүлөт;
- 18-19-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде бюджеттик төлөмдөрдү гана төлөө боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;
- 20-21-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде накталай акчанын ордуна электрондук капчыкты толтуруу аркылуу электрондук акчаны жайылтуу боюнча транзакциялардын саны жана көлөмү көрсөтүлөт;
- 22-23-тилкелерде – отчёттук мезгил ичинде агенттердин банктык эсептен накталай эмес каражаттардын ордуна электрондук капчыкты толтуруу аркылуу электрондук акчаны жайылтуу боюнча транзакцияларынын саны жана көлөмү көрсөтүлөт.

4-тиркеме

«Кыргыз Республикасында электрондук акча жөнүндө»
жобого карата 6-тиркеме

Төлөм уюмдары-электрондук акча эмитенттеринин кардарлары үчүн
**ЛИМИТТЕР**

<table>
<tr><td rowspan="3"></td><td colspan="3">Идентификациялоо ыкмасы</td></tr>
<tr><td colspan="2">Аралыктан идентификациялоо жана верификациялоо</td><td rowspan="2">Жеке катышуу учурунда толук идентификациялоо</td></tr>
<tr><td>сүрөтү</td><td>видео</td></tr>
<tr><td>Операциянын түрү</td><td colspan="3">Лимиттер</td></tr>
</table>

| | | | |
|---|---|---|---|
| Товарлар жана кызматтар үчүн төлөө максатында которуулар (резидент-алуучулардын пайдасына) | Бир операция үчүн максималдуу сумма: 30 000 сом. Ай ичинде которуулардын (жүгүртүүлөрдүн) суммасы: 60 000 сом. | Бир операция үчүн максималдуу сумма: 200 000 сом. Ай ичинде которуулардын (жүгүртүүлөрдүн) суммасы: 400 000 сом. | Бир операция үчүн максималдуу сумма: 400 000 сом. Ай ичинде которуулардын (жүгүртүүлөрдүн) суммасы: 800 000 сом. |
| Жеке адамдар ортосунда которуулар | Операциянын максималдуу суммасы: 15 000 сом. Ай ичинде которуулардын суммасы: 30 000 сом. | Операциянын максималдуу суммасы: 100 000 сом. Ай ичинде которуулардын суммасы: 200 000 сом. | Операциянын максималдуу суммасы: 400 000 сом. Ай ичинде которуулардын суммасы: 800 000 сом. |
| Мамлекеттик бюджеттин пайдасына которуулар | Чектөөсүз | Чектөөсүз | Чектөөсүз |
| Электрондук акчанын ордун накталай акча алуу аркылуу жабуу | Операциянын максималдуу суммасы: 15 000 сом. Ай ичинде жалпы сумма: 30 000 сом | Операциянын максималдуу суммасы: 100 000 сом. Ай ичинде жалпы сумма: 200 000 сом | Операциянын максималдуу суммасы: 400 000 сом. Ай ичинде жалпы сумма: 800 000 сом |
| Электрондук акчанын ордун накталай эмес түрдө жабуу | Чектөөсүз, акча каражаттарын Кыргыз Республикасынын резидентинин өздүк банктык эсебине чегерүү аркылуу | | |
| Юридикалык жактан же жеке ишкерден жеке адамдын пайдасына которуулар | Тыюу салынган, буга чейин ишке ашырылган төлөмдү кайтарып берүүгө байланыштуу операция ишке ашырылган учурларды эске албаганда (мисалы, товар же кызмат көрсөтүүдөн баш тартууга байланыштуу) | | |
| Электрондук капчыкты/ банк эсебин толуктоо | Максималдуу balanска коюлган чектөөнүн алкагында чектөөлөрсүз | | |

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2025-жылдын 12-ноябрындагы**
**№ 2025-П-02/60-1-(НПА) токтому**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 21-декабрындагы № 2022-П-02/81-6-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын ишкердик субъекттеринин ишине карата жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 21-декабрындагы № 2022-П-02/81-6-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын ишкердик субъекттеринин ишине карата жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөр (кошо тиркелет) киргизилсин.

2. Юридика башкармалыгы:

- тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомду Улуттук банктын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

- расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын

Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Юридика башкармалыгы токтом расмий жарыяланган күндөн кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин, коммерциялык банктарды, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ААКты, кредиттик союздарды жана микрофинансылык уюмдарды, «Микрофинансылык уюмдардын ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Кыргызстандын кредиттик союздарынын жана кооперативдеринин улуттук ассоциациясы» юридикалык жактардын бирикмесин, «Кепилдик фонд» ААКты, кредиттик бюролорду, төлөм уюмдарын жана төлөм системаларынын операторлорун, «Альянс» алмашуу бюролорунун ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Кыргыз Республикасынын төлөм системаларынын операторлорунун ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Байланыш операторлорунун ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин жана «Банктар аралык процессинг борбору» жабык акционердик коомун тааныштырсын.

5. Банк эмес уюмдарды көзөмөлдөө башкармалыгы токтом расмий жарыяланган күндөн кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом жөнүндө маалымат менен Кыргыз Республикасынын алмашуу бюролорун «Алмашуу бюролорунан маалыматтарды чогултуу» автоматташтырылган системасы аркылуу тааныштырсын.

6. Башкарманын катчылыгы бөлүмү 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Улуттук банктын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

7. Токтомдун аткарылышын контролдоо Юридика башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Тургунбаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2025-жылдын 12-ноябрындагы**
**№ 2025-П-02/60-1-(НПА)**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 21-декабрындагы № 2022-П-02/81-6-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын ишкердик субъекттеринин ишине карата жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасын бекитүү жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөр

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 21-декабрындагы № 2022-П-02/81-6-(НПА) «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын ишкердик субъекттеринин ишине карата жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасын бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын ченемдик укуктук актыларынын ишкердик субъекттеринин ишине карата жөнгө салуучу таасирин талдоо методикасынын:

1) 3-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«3. Ушул Методиканын 4-пунктунда көрсөтүлгөн учурларды кошпогондо, Улуттук банктын ишкердик ишти жөнгө салууга багытталган ченемдик укуктук актылары жөнгө салуучу таасирин талдоо талаптарына туура келет.»;

2) 4-пунктунун:

- 1-пунктчасында «6 айдан» деген сөздөр «1 жылдан» деген сөздөргө алмаштырылсын;

- 2-пунктчасы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«2) ал жеткис күч жагдайларында, өзгөчө кырдаалда жана/же өзгөчө абалда, ошондой эле алардын кесепеттерин жоюу үчүн шашылыш түрдө кабыл алынса;»;

- төмөнкү мазмундагы 8-пунктча менен толукталсын:

«8) баалардын туруктуулугуна жетишүүгө жана колдоого, акча-кредит саясатын ишке ашырууга, банк жана төлөм системаларынын натыйжалуулугун, коопсуздугун жана ишенимдүүлүгүн камсыз кылууга багытталган, колдонуу мөөнөтү бир жылдан аз (убактылуу).»;

3) 6-пункттун экинчи сүйлөмү алынып салынсын;

4) 7-пунктунун:

- 1-пунктчасы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«1) жөнгө салуучу таасирин талдоо - бул, ушул Методика менен жөнгө салынган процесс, ал көйгөйлөрдү талдоону, жөнгө салуунун максаттарын жана ыкмаларын аныктоону, ишкердик иштин субъекттери үчүн алар менен байланышкан кесепеттерге баа берүүнү жана сунушталган жөнгө салуунун негиздемесин камтыйт;»;

- 3-пунктчасы күчүн жоготкон катары таанылсын;

5) төмөнкү мазмундагы 9-1 пункт менен толукталсын:

«9-1. Бизнес-ассоциациялардын жана коммерциялык эмес уюмдардын өкүлдөрүнө жумушчу топко катышуу укугу тиешелүү уюмдардын ыйгарым укуктуу адамдары тарабынан берилет, мында Улуттук банкка жөнгө салуу таасирин талдоого катышуу укугун тастыктаган кат берилүүгө тийиш.»;

6) 16-пункттун экинчи абзацындагы «салыштырма таблицага» деген сөздөр «сын-пикирлердин жана сунуштардын жыйынтыктоочу таблицасына» деген сөздөргө алмаштырылсын;

7) Методикага карата 1-тиркеме төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Кыргыз Республикасынын
Улуттук банкынын ченемдик
укуктук актыларынын
ишкердик субъекттеринин
ишине карата жөнгө
салуучу таасирин талдоо
методикасына карата
1-тиркеме

Форма

**АНАЛИТИКАЛЫК КАТ**
**Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

БЕКИТЕМ
____________________
____________________
(кызмат орду)
____________________
____________________
(кол тамгасы)
2 0 _ _ - ж ы л д ы н
"________"

Жөнгө салуучу таасирин талдоо

______________________________________________________________

(ченемдик укуктук актынын долбоорунун аталышы)

Иштеп чыгуу үчүн негиздеме:

______________________________________________________________

__________________________________

(документтин аталышы)

20__-жылдын "___" _________________ № _______

Жөнгө салуучу таасирин талдоо мөөнөттөрү: ______________________

__________________________________

(башталышы) (аякташы)

Жумушчу топтун жетекчиси:

______________________________________________________________

__________________________________

(аты-жөнү, иштеген жери, кызмат орду, кол тамгасы)

Жумушчу топтун мүчөлөрү:

______________________________________________________________

__________________________________

(аты-жөнү, иштеген жери, кызмат орду, кол тамгасы)

Жооптуу адам менен байланышуу үчүн маалымат:

______________________________________________________________

__________________________________________

(аты-жөнү, тел., e-mail)

**I. Жөнгө салууну өзгөртүү үчүн проблемалар жана негиздер**

1. Проблема тууралуу маалымат

Тиешелүү сандык жана сапаттык көрсөткүчтөрдү колдонуу менен, чечүүнү талап кылган ар бир проблеманын так жана негиздүү сыпаттамасын иштеп чыгуу жана берүү.

Мамилелердин ушул чөйрөсүндө колдонуудагы жөнгө салуу жана алар үчүн проблеманын маанилүүлүгү жөнүндө кызыкдар болгон жактардын пикирлерин кыскача талдоонун натыйжаларын көрсөтүү.

2. Проблеманын масштабы

Проблеманын масштабы жөнүндө, зарылдыгына жараша, ар кандай өлчөмдөрдө (экономикалык, социалдык, аймактык жана башка) маалымат берүү.

3. Жөнгө салууну өзгөртүү үчүн негиздер, проблеманы чечүүнүн актуалдуулугу

Колдонуудагы жөнгө салуу сакталган шартта, алдын ала болжолдонуп жаткан таасирлерди чагылдыруу.

Экономикалык жана укуктук негиздерди, ошондой эле аларды чечүүнүн актуалдуулугун кошо алганда, азыркы мезгилде проблемаларды чечүү зарылдыгын шарттаган негизги аргументтерди келтирүү.

Жөнгө салууну өзгөртүү жолу менен проблемаларды чечүү үчүн экономикалык жана укуктук негиздерди келтирүү.

4. Эл аралык тажрыйба

Ушул сыяктуу проблемаларды чечүү жагында эл аралык тажрыйба тууралуу кыскача маалымат берүү.

**II. Сунушталып жаткан жөнгө салуу жөнүндө маалымат**

5. Жөнгө салуунун максаты

Ченемдик укуктук актыны кабыл алуу аркылуу жөнгө салуунун максатын так белгилөө.

6. Сунушталган жөнгө салуу

Проблемаларды чечүү жана максатка жетүү үчүн каралган чаралар (механизм) жана жөнгө салуунун негизги ченемдери тууралуу белгилөө.

7. Жөнгө салуудан улам келип чыгуучу социалдык жана

экономикалык натыйжаларды баалоо

1) Белгилүү бир күнгө карата күтүлүп жаткан жыйынтык (жөнгө салуу максатына жетүү деңгээли).

2) Экономикага, социалдык секторго жана экологияга күтүлүп жаткан таасири:

- экономикага таасири: алгылыктуу жана терс;
- социалдык чөйрөгө таасири: алгылыктуу жана терс;
- экологияга таасири: алгылыктуу, терс, таасири тийбейт.

Сунушталган жөнгө салуу колдонулган учурда күтүлүүчү оң жана терс натыйжаларды баалоо жана негиздөө.

3) Кызыкдар тараптар - жөнгө салуу адресаттарынын негизги топторуна карата күтүлүп жаткан таасири:

- мамлекеттик органдар: алгылыктуу жана терс;
- ишкерлер: алгылыктуу жана терс;
- калк: алгылыктуу жана терс.

8. Сунушталган жөнгө салууну ишке ашырууда тобокелдиктерди баалоо

Жөнгө салуу максатына жетүү үчүн жөнгө салууну ишке ашырууда келип чыгышы мүмкүн болгон негизги тобокелдиктерди чагылдыруу:

1-тобокелдиктин аталышы:

- тобокелдикти баалоо;
- сунушталып жаткан жеңилдетүү чаралары;

2-тобокелдик аталышы:

- тобокелдикти баалоо;
- сунушталып жаткан жеңилдетүү чаралары.

9. Атаандаштыкка таасирин баалоо

Сунуш кылынган жөнгө салуунун ушул жөнгө салуу варианты үчүн атаандаштыкка тийгизген таасирин баалоонун негизги корутундуларын чагылдыруу.

10. Сунушталган жөнгө салууну тандоонун негиздемеси

Сунуш кылынган жөнгө салууну колдоо үчүн негизги аргументтерди келтирүү.

11. Тиркеме

Аналитикалык катка төмөнкүлөр тиркелет:

- сунушталып жаткан жөнгө салуудан күтүлүп жаткан экономикалык натыйжаларды ар тараптуу баалоо (жумушчу топтун чечими боюнча);

- жөнгө салуучу таасирин талдоого карата чыгарылган тыянактарды жана сунуштарды көрсөтүү үчүн зарыл болгон маалыматтык-маалымдама материалдар жана башка маалыматтар (жумушчу топтун чечими боюнча);

- жумушчу топтун айрым мүчөлөрүнүн кол коюудан баш тартуусу/өзгөчө пикирлери (бар болсо);

- жөнгө салуучу таасирин талдоо боюнча жумушчу топ жөнүндө буйрук;

- жөнгө салуучу таасирин талдоого катышуу үчүн бизнес-ассоциациялардын өкүлдөрүнөн алардын катышуусун ырастаган кат.

Тиркемелерди эске албаганда, аналитикалык каттын негизги текстин 10-15 бетке чейин түзүү сунушталат.».

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 12-ноябрындагы № 2025-П-12/60-4-(НПА) токтому**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын төмөнкү токтомдоруна өзгөртүүлөр киргизилсин (тиркелет):

- 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобону бекитүү жөнүндө»;

-2005-жылдын 15-декабрындагы № 37/5 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында операциялык тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндөгү» жобону бекитүү тууралуу»;

- 2009-жылдын 26-августундагы № 35/3 «Коммерциялык банктардын баалуу металлдар менен операциялары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

- 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө»;

- 2012-жылдын 31-октябрындагы № 41/12 «Банктык эсептер, банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып

баруу боюнча нускоону бекитүү тууралуу»;

- 2017-жылдын 31-майындагы № 21/5 «Банктын аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу»;

- 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23-5-(НПА) «Банктарды жоюу жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу»;

- 2022-жылдын 12-октябрындагы № 2022-П-12/63-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын жетиштүүлүгү (шайкештиги) стандарттарын аныктоо боюнча нускоону бекитүү жөнүндө»;

- 2023-жылдын 12-апрелиндеги № 2023-П-12/23-5-(НПА) «Кредиттөөдөгү чектөөлөр жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу»;

- 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 2023-П-12/27-8-(НПА) «Коммерциялык банктар тарабынан долбоордук каржылоону сунуштоодо кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу».

2. Юридикалык башкармалыгы:

- тиешелүү документтерди алгандан тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

- расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

3. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 15 (он беш) күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

4. Көзөмөл методологиясы башкармалыгы токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде аны менен коммерциялык банктарды, микрокаржылоо компанияларды, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ачык акционердик коомун, «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин, «Микрофинансылык уюмдарынын ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Кепилдик фонд» ААКты

тааныштырсын.

5. Башкармалыктын катчылыгы бөлүмү токтом кабыл алынган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде аны менен Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгын, Банктык көзөмөл башкармалыгын, Банк эмес уюмдарды көзөмөлдөө башкармалыгын, Санарип финансылык технологиялар башкармалыгын, Төлөм системаларын көзөмөлдөө башкармалыгын жана Юридика башкармалыгын тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Тургунбаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2025-жылдын 12-ноябрындагы**
**№ 2025-П-12/60-4-(НПА)**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актыларына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2004-жылдын 21-июлундагы № 18/3 «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндөгү» жобону бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Активдерди классификациялоо жана потенциалдуу жоготуулардын жана чыгым тартуулардын ордун жабууга резервге тиешелүү чегерүүлөр жөнүндө» жобонун:

- 12.1-пункту төмөнкү мазмундагы үчүнчү абзац менен толукталсын:

«Банк кардарга алдын ала билдирүүсүз кайсыл болбосун убакта шартсыз кайтарып алуу/жокко чыгаруу укугуна ээ баланстан тышкаркы милдеттенмелерди «нормалдуулар» категориясына классификациялоого укуктуу.».

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2005-жылдын 15-декабрындагы № 37/5 «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында операциялык тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндөгү» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарында операциялык тобокелдиктерди тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

- 2.3-пунктунун алтынчы абзацында «үзгүлтүксүз» деген сөздөн кийин «же мезгилдүү» деген сөздөр менен толукталсын.

3. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2009-жылдын 26-августундагы № 35/3 «Коммерциялык банктардын баалуу металлдар менен операциялары жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Коммерциялык банктардын баалуу металлдар менен операциялары жөнүндө» жобонун:

- 2.6-пункту төмөнкү мазмундагы абзац менен толуктальсын:

«Баалуу металлдардагы активдердин максималдуу көлөмүн жана баалуу металлдар менен операцияларды жүзөгө ашырууга каражаттардын суммасын эсептөөдөн «Виртуалдык активдер жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык эмитенттин виртуалдык активдерин баштапкы жайгаштырууга байланыштуу финансылык кызмат көрсөтүүлөрдүн алкагында баалуу металлдардагы активдер жана каражаттар алынып салынат.».

4. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2010-жылдын 30-июнундагы № 52/4 «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын айрым ченемдик укуктук актылары жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынан лицензия алышкан коммерциялык банктарда жана башка финансы-кредит уюмдарында кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

1) 12-пунктунун жыйырма тогузунчу абзацындагы «250 000» деген сан «300 000» деген санга алмаштырылсын;

2) 25-пунктунун он биринчи абзацындагы «атынан» деген сөз «чечими менен аныкталган» сөздөргө алмаштырылсын;

3) 63-1-пунктунун үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«- акыркы календардык жыл ичинде кредиттик келишимдин шарттарын бузууга жол берилбеген жана/же реструктуризациялоо жүргүзүлбөгөн 500 000 сомго чейинки кредиттерди кошпогондо, калган кредиттер үчүн жылына кеминде бир жолу. Акыркы календардык жыл ичинде кредиттик келишимдин шарттарын бузууга жол берилбеген жана/же реструктуризациялоо жүргүзүлбөгөн 500 000 сомго чейинки кредиттерге кредит боюнча жүргүзүлгөн төлөмдөрдүн негизинде талдап-иликтөөнү болжолдогон төлөм мониторинги жүргүзүлөт.»;

4) 65-пунктунун онунчу абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«-кредиттөө максаттарына жараша, эгер болгон болсо документтер

менен тастыкталган (келишимдер, кабыл алуу актылары, эсеп-фактуралар, коштомо кагаздар ж.б.) кредиттин максаттуу пайдаланылышына баа берүү, буга 300 000 сомдон ашпаган өлчөмдөгү кредит жана банк тарабынан акча каражаттары товарларды жана/же кызмат көрсөтүүлөрдү сатуучунун / сунуштоочунун эсебине накталай эмес формада чегериле турган 500 000 сомдон ашпаган өлчөмдөгү кредит кирбейт.»;

5) 68-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«68. Күрөөгө коюлган мүлктүн сакталышын жана анын учурдагы наркынын өзгөрүп кетиши мүмкүнчүлүгүн туруктуу негизде контролдоо максатында банк күрөөлүк мүлккө мониторинг жүргүзүп турууга тийиш, анын ичинде сакталган жери жана жайгашкан ордуна баруу жана/же күрөөгө коюлган мүлктү реалдуу убакыт режиминде текшерүүгө мүмкүндүк берген видео жана фотосүрөткө тартууну колдонуу аркылуу. Мында банк, анын ичинде видео жана фотосүрөткө тартуу аркылуу жүргүзүлгөн мониторинг жөнүндө отчётту кредиттик досьени сактоонун белгиленген мөөнөттөрүнө ылайык сактоону камсыз кылууга тийиш.

Банк тарабынан күрөөгө мониторинг жүргүзүү мезгил аралыгы жана ыкмалары кредиттик/күрөө саясатына ылайык жана кредит сапатына, ошондой эле жоготуу тобокелдигин эске алуу менен күрөөнүн түрүн кошо алганда, башка факторлорго жараша аныкталат. Кыймылдуу мүлк түрүндөгү күрөөгө мониторинг суммасы кеминде 300 000 сомду түзгөн кредит боюнча жылына бир жолу жүргүзүлүп турууга тийиш.

Суммасы 300 000 сомду жана андан көптү түзгөн кредит боюнча кыймылдуу мүлк түрүндөгү күрөөгө мониторинг төмөнкүчө ишке ашырылууга тийиш:

- эгерде кредит 30 жана андан көп пайыз чегинде кыймылдуу мүлк менен камсыздалган болсо жарым жылда кеминде бир жолу;

- эгерде кредит 30 пайызга жетпеген чекте кыймылдуу мүлк менен камсыздалган болсо жыл ичинде кеминде бир жолу.

Банк тарабынан күрөөлүк мүлктүн сакталышына контролдуктун камсыз кылынышы милдеттүү шарттан болууга тийиш. Мында, төмөнкү учурларга өзгөчө көңүл буруу зарыл:

- камсыздоонун рыноктук наркы төмөндөгөнбү;

- акыркы текшерүүдөн бери күрөөнүн ликвиддүүлүгүн төмөндөткөн кандайдыр бир факторлор барбы;

- күрөөнүн сакталышы камсыз кылынуудабы.

Мына ушул чаралардын бардыгы банкка карыз алуучулардын, демек кредиттин абалынын начарлоого карата мүмкүн болуучу

тенденцияларын аныктоого жардам берет. Бул тенденциялар канчалык тез аныкталса, банк кырдаалды оңдоо боюнча тиешелүү чараларды ошончолук ыкчам кабыл алып, өз таламдарын коргоону камсыз кылат.»;

6) Жобонун 1-тиркемесинин 1-пункту төмөнкү мазмундагы он сегизинчи абзац менен толукталсын:

«- кардардын жубайынын/жолдошунун кредит алууга макулдугу (бир карыз алуучуга 300 000 (үч жүз миң) сомдон ашкан кредит боюнча жана кредит алууда, эгерде учурда кредиттери болсо).»;

7) Жобонун 1-тиркемесинин 16-1-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«16-1. Кредиттөө максаттарына жараша, эгер болгон болсо документтер менен тастыкталган (келишимдер, кабыл алуу актылары, эсеп-фактуралар, коштомо кагаздар ж.б.) кредиттин максаттуу пайдаланылышы жөнүндө отчет, буга 300 000 сомдон ашпаган өлчөмдөгү кредит жана банк тарабынан акча каражаттары сатуучунун / товарларды жана/же кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоочунун эсебине накталай эмес формада чегериле турган 500 000 сомдон ашпаган өлчөмдөгү кредиттер кирбейт.».

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2012-жылдын 31-октябрындагы № 41/12 «Банктык эсептер, банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу боюнча нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Банктык эсептер, банктык аманаттар (депозиттер) боюнча эсептер менен иш алып баруу боюнча нускоонун:

1) 11-пункту төмөнкү мазмундагы жыйырма жетинчи абзац менен толукталсын:

«Виртуалдык активдер боюнча эскроу-эсеби – бул виртуалдык активдердин кызмат көрсөтүүчүсү, кардар жана банк ортосунда түзүлгөн үч тараптуу келишимдин негизинде ачылган, келишимде каралган жагдайлар келип жеткенге же милдеттенмелер аткарылганга чейин акча каражаттарын эсепке алууга жана бөгөт коюуга арналган атайын эсеп, андан кийин банк виртуалдык активдерди сатуучуга акча каражаттарын которот. Мында виртуалдык активдер Кыргыз Республикасынын «Виртуалдык активдер жөнүндө» Мыйзамынын маанисинде түшүнүлөт, ал эми банктын операциялары Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын

3-февралындагы № 2023-П-14/8-2-(НПА) токтому менен бекитилген Виртуалдык активдерге байланышкан кызматтарды сунуштоо тартибине ылайык виртуалдык активдер менен кызмат көрсөтүү чегинде жүргүзүлөт.»;

2) 15-1-пунктунун экинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Атайын эсептерге эскроу эсеби, максаттуу рекультивациялык эсеп, нотариустун депозити, виртуалдык активдер боюнча эскроу эсеби кириши мүмкүн.».

6. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 31-майындагы № 21/5 «Банктын аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Банктын аффилирленген жана байланыштуу жактар менен операцияларына карата талаптар жөнүндө» нускоонун:

1) 7-пунктунун биринчи абзацында «15%» деген сан «20%» деген санга алмаштырылсын;

2) 9-пунктунда «бир эсептик көрсөткүчтөн» деген сөздөр «300 001 сомдон» деген сөздөргө жана сандарга алмаштырылсын;

3) 13-пунктунун:

- 5-пунктчасы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«5) кредиттин максималдуу өлчөмү сатып алынып жаткан же курулуп жаткан турак жайдын адилет наркынын сексен пайызынан ашпоого тийиш. Кредит сатылып алынып жаткан же курулуп жаткан турак жайдын адилет наркынын жүз пайыз өлчөмүндө төмөнкү учурларда берилиши мүмкүн:

- сатылып алынып жаткан же курулуп жаткан турак жайдын өлчөмүнүн/адилет наркынын кырк пайызынан кем эмес өлчөмдөгү байланыштуу депозит же кыймылсыз мүлк түрүндө кошумча күрөө сунушталганда;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын, Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларынын жана банктын ички документтеринин талаптарына жооп берген, кредиттин суммасынан жүз кырк пайыздан кем эмес адилеттүү наркы боюнча кыймылсыз мүлк түрүндө берилгенде.»;

- 7-пунктча күчүн жоготкон катары таанылсын;

4) төмөнкү мазмундагы 19-1-пункт менен толукталсын:

«19-1. Банктын уставдык капиталында 50 жана андан ашык пайыз өлчөмүндө мамлекеттик катышуу үлүшү бар банктар Кыргыз Республикасынын мамлекеттик/аткаруу бийлик органдарын тейлегенде ушул Нускоонун 12-пунктунун 4-пунктчасынын талаптарын эске алуу менен жеңилдетилген тарифтер боюнча эсептешүү-кассалык операцияларды жүргүзүүгө укуктуу.»;

5) 21-пунктунун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«21. Банктын аффилирленген же байланыштуу жагына берилүүчү ар бир кредит (300 000 сомго чейинки кредиттен жана адаттагы корреспонденттик иштин жүрүшүндө банктар аралык кредиттен тышкары) күрөө менен камсыздалууга тийиш, аны сатып өткөрүү наркы төмөнкү өлчөмдөн кем болбоого тийиш:».

7. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2017-жылдын 8-июнундагы № 2017-П-12/23-5-(НПА) «Банктарды жоюу жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүү киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Банктарды жоюу жөнүндө» жобонун:

-25-пункту төмөнкүдөй мазмундагы 15-пунктча менен толукталсын:

«15) Банкты жоюу планын аткаруу жөнүндө отчёт.».

8. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын 12-октябрындагы № 2022-П-12/63-1-(НПА) «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын жетиштүүлүгү (шайкештиги) стандарттарын аныктоо боюнча нускоону бекитүү жөнүндө» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарынын капиталынын жетиштүүлүгү (шайкештиги) стандарттарын аныктоо боюнча нускоонун:

1) 25-пунктунун 1-пунктчасы төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«и) Standard & Poor's рейтингдик агенттиги тарабынан ыйгарылган «ААА» деңгээлинен төмөн эмес узак мөөнөттүү суверендүү кредиттик рейтингге же Japan Credit Rating Agency (JCR), Fitch Ratings, Dominion Bond Rating Service (DBRS), Moody's Investors Service рейтингдик агенттиктеринин бири тарабынан жана Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2022-жылдын

14-декабрындагы № 2022-П-12/78-7-(НПА) токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктары милдеттүү түрдө аткарууга тийиш болгон экономикалык ченемдер жана талаптар жөнүндө» жобонун 3-пунктунда белгиленген критерийлерге ылайык келген башка рейтингдик агенттиктер тарабынан ыйгарылган бирдей рейтингге ээ эл аралык финансылык уюмдардын гарантиялары менен камсыздалган активдер же алардын бөлүгү.»;

2) 18-пунктунун 2-пунктчасы төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«Мында капиталдын жана карыздык инструменттердин бир бөлүгү Банктын директорлор кеңешинин жазуу жүзүндөгү арызы боюнча Улуттук банктын уруксаты менен Биринчи деңгээлдеги кошумча капиталдын курамына киргизилиши мүмкүн.».

9. Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 12-апрелиндеги № 2023-П-12/23-5-(НПА) «Кредиттөөдөгү чектөөлөр жөнүндө» нускоону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Кредиттөөдөгү чектөөлөр жөнүндө» нускоонун:

9-пунктунун:

- 2-пунктчасы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«2) Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими боюнча улуттук экономика субъектине, анын ичинде өлкөнүн улуттук жана азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга көмөктөшүү максатында берилген кепилдик же алар боюнча мамлекеттик гарантиялар болгон банк тарабынан кабыл алынган талаптар же баланстан тышкаркы милдеттенмелер.»;

- 3-пунктчасынын экинчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Ушул Нускоонун 8 жана 9-пункттарында көрсөтүлгөн Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарына берилген кредиттер жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен берилген гарантиялар/кепилдиктер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, Кыргыз Республикасынын бюджетинде алардын чагылдырылышын тастыктоону кошо алганда, тиешелүү түрдө таризделүүгө тийиш. Мында Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен берилген гарантиялардын/кепилдиктердин жалпы суммасы банктын таза суммардык

капиталынын 60%нан ашпоого тийиш.».

10. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2023-жылдын 26-апрелиндеги № 2023-П-12/27-8-(НПА) «Коммерциялык банктар тарабынан долбоордук каржылоону сунуштоодо кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Коммерциялык банктар тарабынан долбоордук каржылоону сунуштоодо кредиттик тобокелдикти тескөө боюнча минималдуу талаптар жөнүндө» жобонун:

- 8-пункту төмөнкү мазмундагы экинчи абзац менен толукталсын:

«Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин чечими менен берилген гарантия/кепилдик менен камсыздалган кредиттер жогоруда көрсөтүлгөн чектөөнү эсептөөдөн чыгарылат. Мындай гарантиялардын/кепилдиктердин жалпы суммасы банктын таза суммардык капиталынын 60% өлчөмүнөн ашпоого тийиш.».

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 24-ноябрындагы № 2025-П-07/62-2-(ДКП) токтому**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 13, 63 жана 64-беренелерине таянуу менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чени жылдык 11,00 пайыз өлчөмүндө белгиленсин.

2. Токтом 2025-жылдын 25-ноябрынан тартып күчүнө кирет.

3. Акча-кредит саясаты башкармалыгы эсептик чен өлчөмү жөнүндө маалыматты Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына токтом кабыл алынган күндөн тартып 1 (бир) жумуш күнү ичинде жайгаштырсын.

4. Токтомдун аткарылышын контролдоо Акча-кредит саясаты башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Тургунбаев**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2025-жылдын 24-ноябрындагы**
**№ 2025-П-07/62-3-(ДКП) токтому**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын отурумдарынын 2026-жылга каралган графиги жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 64-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын отурумдарынын 2026-жылга каралган графиги (кошо тиркелет) бекитилсин.

2. Акча-кредит саясаты башкармалыгы токтом кабыл алынган күндөн тартып 5 (беш) жумуш күнү ичинде:

- токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;

- токтомду Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине жөнөтсүн.

3. Токтомдун аткарылышын контролдоо Акча-кредит саясаты башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Тургунбаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2025-жылдын 24-ноябрындагы**
**№ 2025-П-07/62-3-(ДКП)**
**токтомуна карата тиркеме**

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү маселеси боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын отурумдарынын 2026-жылга

**КАРАЛГАН ГРАФИГИ**

| **Отурум өткөрүлүүчү дата*** | **Маселенин аталышы** |
|---|---|
| 26-январь | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө. |
| 23-февраль | 1. 2025-жылдын IV чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт;<br>2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө. |
| 27-апрель | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө. |
| 25-май | 1. 2026-жылдын I чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт;<br>2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө. |
| 27-июль | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө. |

| | |
|---|---|
| 24-август | 1. 2026-жылдын II чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт;<br>2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө. |
| 26-октябрь | Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө. |
| 30-ноябрь | 1. 2026-жылдын III чейреги үчүн акча-кредит саясаты жөнүндө отчёт;<br>2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү жөнүндө. |

*Эскертүү:
- эгерде Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын отуруму өткөрүлүүчү күн Кыргыз Республикасында жумуш эмес күнү деп жарыяланса, отурум кийинки жумуш күнү өткөрүлөт;
- Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын эсептик чен өлчөмү боюнча отурумдары Кыргыз Республикасындагы экономикалык жагдайга жараша графиктен тышкары өткөрүлүшү мүмкүн.

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 3-декабрындагы № 2025-П-12/64-5-(ПС) токтому**

## Акча которуулар боюнча комиссиялык сый акы алууга убактылуу чектөө киргизүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9, 41 жана 64-беренелерине, Кыргыз Республикасынын «Банктар жана банк иштери жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Коммерциялык банктарга жана төлөм уюмдарына төмөнкүлөргө тыюу салынат:

- Кыргыз Республикасынын ичинде мобилдик тиркемелер жана интернет-банкинг аркылуу улуттук валютада акча которуу боюнча кызмат көрсөтүү үчүн кардарлар-жеке жактардан комиссиялык сый акы (комиссия) алууга тыюу салынат;
- эсеп ачуусуз эл аралык акча которуу системалары аркылуу ишке ашырылган акча которууларды Кыргыз Республикасынын аймагында алууда акча которууларды алуучулардан комиссиялык сый акы алууга тыюу салынат.

2. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын комиссиялык сый акыларды (комиссияларды) алууну жөнгө салган ченемдик укуктук актыларынын ушул токтомго карама-каршы келбеген бөлүктөрүнүн талаптары коммерциялык банктарга, төлөм уюмдарына жана эл аралык акча которуу системаларынын операторлоруна жайылтылары белгиленсин.

3. Токтом 2026-жылдын 1-январынан тартып күчүнө кирет жана 2026-жылдын 31-декабрына чейин колдонулат.

4. Башкарманын катчылыгы бөлүмү токтом кабыл алынган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгын, Санарип финансылык технологиялар башкармалыгын, Банктык көзөмөл башкармалыгын, Төлөм системаларына көзөмөл башкармалыгын, Юридика башкармалыгын, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

5. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2024-жылдын 23-октябрындагы № 2024-П-14/55-1-(ПС) «Банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» токтому күчүн жоготкон катары таанылсын.

6. Юридика башкармалыгы:

- тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;
- расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

7. Көзөмөл методологиясы башкармалыгы токтом расмий жарыяланган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен «Кыргызстан Банктарынын Союзу» ЮЖБны, «KG төлөм системаларынын операторлор ассоциациясы» ЮЖБны, коммерциялык банктарды, төлөм уюмдарын жана эл аралык акча которуу системаларынын операторлорун тааныштырсын.

8. Токтомдун аткарылышын контролдоо Көзөмөлдөө методологиясы башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М. Тургунбаев**

КЫРГЫЗ
РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК БАНК БАШКАРМАСЫ

ПРАВЛЕНИЕ
НАЦИОНАЛЬНОГО БАНКА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

# ТОКТОМ

**Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2025-жылдын 17-декабрындагы № 2025-П-14/67-5-(НПА) токтому**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 12-августундагы № 2020-П-12/45-3-(НПА) «Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу

Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө» конституциялык Мыйзамынын 5, 9 жана 64-беренелерине ылайык, Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 12-августундагы № 2020-П-12/45-3-(НПА) «Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр киргизилсин (кошо тиркелет).

2. Токтом расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

3. Юридика башкармалыгы:

- тиешелүү документтерди алган күндөн тартып 3 (үч) жумуш күнү ичинде токтомду Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын расмий интернет-сайтына жарыяласын;
- расмий жарыялангандан кийин токтомду Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестринде чагылдырылышы үчүн Кыргыз Республикасынын

Юстиция министрлигине жөнөтсүн.

4. Санарип финансылык технологиялар башкармалыгы токтом расмий жарыяланган күндөн кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен коммерциялык банктарды, «Кыргызстан банктарынын союзу» юридикалык жактар бирикмесин, төлөм уюмдарын жана төлөм системаларынын операторлорун, «KG (КЕЙ-ДЖИ) төлөм системаларынын операторлорунун ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Кредиттик союздардын каржы компаниясы» ААКты, «Микрофинансы уюмдарынын ассоциациясы» юридикалык жактар бирикмесин, «Кыргызстандын кредиттик союздарынын жана кооперативдеринин улуттук ассоциациясы» юридикалык жактардын бирикмесин, микрофинансылык уюмдарды, кредиттик союздарды тааныштырсын.

5. Башкарманын катчылыгы бөлүмү тиешелүү документтерди алгандан кийинки 3 (үч) жумуш күнү ичинде ушул токтом менен Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын түзүмдүк бөлүмдөрүн, областтык башкармалыктарын жана Баткен областындагы өкүлчүлүгүн тааныштырсын.

6. Токтомдун аткарылышын контролдоо Санарип финансылык технологиялар башкармалыгынын ишин тескөөгө алган Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын мүчөсүнө жүктөлсүн.

**Төрага** **М.Тургунбаев**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук банк Башкармасынын**
**2025-жылдын 17-декабрындагы**
**№ 2025-П-14/67-5-(НПА)**
**токтомуна карата тиркеме**

## Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 12-августундагы № 2020-П-12/45-3-(НПА) «Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна өзгөртүүлөр

1. Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын 2020-жылдын 12-августундагы № 2020-П-12/45-3-(НПА) «Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө» жобону бекитүү тууралуу» токтомуна төмөнкү өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген «Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө» жобонун:

1) 1-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«1. Бул «Атайын жөнгө салуу режими жөнүндө» жободо (мындан ары – Жобо) банктык жана төлөм операциялары/кызмат көрсөтүүлөр (мындан ары – банктык операциялар/кызмат көрсөтүүлөр), анын ичинде улуттук же чет өлкө валютасы менен камсыздалган виртуалдык активдерге байланыштуу операциялар/кызмат көрсөтүүлөр (мындан ары – виртуалдык активдер менен операциялар) чөйрөсүндө инновациялык технологияларды/чечимдерди чектелүү контролдонгон чөйрөдө апробациялоо (тестирлөө) жана колдонууга киргизүү үчүн атайын жөнгө салуу режимин түзүү тартиби, ошондой эле анын ичинде санарип технологияларды колдонууга киргизүүгө жана финансылык пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жогорулатууга багытталган мамлекеттик демилгелердин алкагында катышуу тартиби жана атайын жөнгө салуу режиминин алкагында катышуучуларга коюлуучу талаптар аныкталган.

Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын (мындан ары – Улуттук банк) ченемдик укуктук актыларынын талаптары атайын жөнгө салуу режиминин шарттарын жана ушул Жободо жана Улуттук банктын анын функцияларына атайын жөнгө салуу режимин киргизүү кирген комитетинин (мындан ары – Комитет) чечимдеринде каралган өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен атайын жөнгө салуу режимине катышуучуларына карата колдонулат. Комитет атайын жөнгө салуу режиминде катышуу үчүн берилген арызды кароодо көз карандысыз

адистештирилген эксперттерди тартууга укуктуу.

Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында банктык операциялар/кызмат көрсөтүүлөр реалдуу рыноктук шарттарда чектелген масштабда жана продуктунун минималдуу коммерциялык мүмкүнчүлүктөрүнүн баскычында тестирлөөгө даяр болууга тийиш.

Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында банктык операциялар/кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө колдонууга киргизилип жаткан инновациялык технологиялар/чечимдер төмөнкү критерийлерге жооп берүүгө тийиш:

- банктык/төлөм операцияларында жана/же банктык/төлөм кызматтарын көрсөтүүдө колдонууга сунушталган инновациялык технологиялар/чечимдер банктык операциялар/кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө жаңы болуп саналууга жана адатта сунушталуучу банктык продуктыларга салыштырмалуу колдонуучулар үчүн финансылык пайдалануу мүмкүнчүлүгүн кеңейтүүгө багытталууга;

- банктык операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыруу Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык чектелген;

- виртуалдык активдерге байланыштуу операциялардан тышкары, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, өз ишин башка ишкердик менен айкалыштырууга чектөөлөр, анын ичинде сунушталып жаткан операциялардын түрлөрүнө жана тизмегине карата чектөөлөр болбоого;

- операциялар жана кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына ылайык жөнгө салынбаган жана/же операцияларды жүргүзүүгө түздөн-түз тыюу салуунун болбошу;

- банктык операциялар/кызмат көрсөтүүлөр мурда банк же төлөм секторунда колдонулбаган жаңы технологияларга/чечимдерге негизделген;

- колдонууга киргизилип жаткан инновациялык технология/чечим тобокелдиктерди азайтуу, чыгымдарды кыскартуу, ошондой эле ачык-айкындуулукту жана киберкоопсуздукту жогорулатуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушу;

- колдонууга киргизилип жаткан инновациялык технологиялар/чечимдер, анын ичинде виртуалдык активдерге байланыштуу, банк жана төлөм операциялары/кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө операциялар негизги бизнес-ишмердүүлүктү алмаштырбастан, аны толуктаган мүнөзгө ээ болушу.

Банктык операциялар/кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө тестирлөөгө сунушталып жаткан инновациялык технологиялардын/чечимдердин

жогоруда белгиленген критерийлерге жооп бериши атайын жөнгө салуу режимин түзүү үчүн милдеттүү шарт болуп саналат.

Атайын жөнгө салуу режими Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган талаптарды жана банктык операциялардын жана/же кызмат көрсөтүүлөрдүн ушундай түрлөрүн көрсөтүп жаткан катышуучуларга коюлган талаптарды аткарбай коюу каражаты катары каралбашы жана колдонулбашы керек.

Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында айрым юридикалык жактарга атайын жөнгө салуу режимдеринде катышууга кыйла ыңгайлуу шарттарды түзүүгө жана/же атайын жөнгө салуу режимдеринде катышуу үчүн жеңилдиктерди берүүгө жол берилбейт.»;

2) 2-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«2. Инновациялык банктык операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде виртуалдык активдерге байланыштуу операцияларды колдонууга киргизүү үчүн атайын жөнгө салуу режиминин негизги милдеттери болуп төмөнкүлөр саналат:

- рыноктун катышуучулары үчүн укуктук белгисиздик жагдайын жана укуктук тобокелдиктерди азайтуу;

- инновациялык банктык операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде виртуалдык активдер менен операцияларды пилоттук пайдалануу үчүн артыкчылыктуу жана жеткиликтүү эрежелерди аныктоо;

- инновациялык банктык операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү тандоо жана аларды рынокко колдонууга киргизүүнү тездетүү;

- инновациялык банктык операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү ишке киргизүүнүн натыйжасында келип чыккан жаңы коомдук мамилелер үчүн укуктук жана башка жөнгө салуу талаптарын иштеп чыгуу;

- банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөөчүлөр үчүн жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу, кардарларга ылайыкташтыруу жана аларды ишке киргизүүгө, анын ичинде банктык ифраструктурага натыйжалуу аралаштыруу үчүн алардын туруктуулугун, колдонулушун, экономикалык максатка ылайыктуулугун баалоо максатында айкын чөйрөдө жаңы технологияларды текшерүү боюнча милдеттерге сарпталуучу чыгымдарды азайтуу.»;

3) 3-пунктунун:

- биринчи абзацы «жана/же кызмат көрсөтүүлөр чөйрөсүндө»

деген сөздөрдөн кийин «анын ичинде виртуалдык активдер менен операциялар» деген сөздөр менен толукталсын;

- экинчи абзацы «банктык операцияларды» деген сөздөрдөн кийин «анын ичинде виртуалдык активдер менен операцияларды» деген сөздөр менен толукталсын.»;

4) 4-1-пункту «инновациялык банктык кызмат көрсөтүүлөрдү же технологияларды ишке киргизүүгө байланыштуу тобокелдиктерге» деген сөздөрдөн кийин «анын ичинде виртуалдык активдер менен операцияларга байланыштуу тобокелдиктерге» деген сөздөр менен толукталсын;

5) 5- пунктунун:

- экинчи абзацындагы «/Кошо билдирме берүүчү (эгер болсо) катары» деген сөздөр алып салынсын;

- үчүнчү абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«1) арыз берилген күнгө карата милдеттүү экономикалык ченемдерди, тыюу салууларды жана чектөөлөрдү бузуулардын, ошондой эле апробациялоого (тестирлөөгө) сунушталып жаткан инновациялык банктык операцияларга жана/же кызмат көрсөтүүлөргө, ошондой эле билдирме сунуштаган күнгө карата виртуалдык активдер менен операцияларга байланыштуу кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндө (мындан ары - КИК/ККЛКА) аткарылбаган таасир этүү чараларынын жоктугу;»;

6) 6-пунктунун:

- төртүнчү-жетинчи абзацтары төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Апробациялоо (тестирлөө) – атайын жөнгө салуу режиминин шарттарына жана талаптарына ылайык, кызмат көрсөтүүлөрдү апробациялоо максатын көздөгөн кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо, изилдөө, мониторинг жүргүзүү жана талдоо процесси.

Билдирме ээси – Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган жана инновациялык банктык операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды, анын ичинде виртуалдык активдер менен операцияларды колдонууга киргизүү жана алардын андан ары тестирлөө үчүн атайын жөнгө салуу режимин түзүү жөнүндө билдирме менен кайрылган юридикалык жак.

Кошо билдирме берүүчү – Билдирме ээси менен бирге Улуттук банкка

атайын жөнгө салуу режиминин алкагында инновациялык банктык операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү/технологияларды, анын ичинде виртуалдык активдер менен операцияларды тестирлөө жөнүндө билдирме менен кайрылган юридикалык жак.

Атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусу – атайын жөнгө салуу режиминин шарттарына ылайык инновациялык банктык операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү, анын ичинде виртуалдык активдер менен операцияларды тесттен өткөргөн Билдирме ээси жана Кошо билдирме берүүчү (эгер болсо).»;

- он экинчи абзац төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«Инновациялар жана виртуалдык активдер боюнча аныктамалар жана терминдер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныктамаларга жана терминдерге шайкеш келет. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында тесттен өтүп жаткан операциянын, кызмат көрсөтүүнүн/технологиянын түрүнө жараша негизги аныктамалар жана терминдер операция, кызмат көрсөтүү/технология жөнүндө техникалык тапшырмада камтылышы мүмкүн.»;

7) 7-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«7. Атайын жөнгө салуу режимин түзүү жөнүндө арыз (мындан ары – Арыз) Улуттук банкка Билдирме ээси жана Кошо билдирме берүүчү (эгер болсо) тарабынан берилет. Виртуалдык активдер менен операцияларды сунуштоодо Билдирме ээси катары коммерциялык банктар, төлөм системаларынын операторлору жана төлөм уюмдары гана катыша алышат.

Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында операцияларды жүргүзүү жана кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо үчүн колдонулган технологиялар боюнча ушул сыяктуу операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү тесттен өткөрүүдө, төмөнкү учурларда ушул Жобонун 14-1-пунктун эске алуу менен атайын жөнгө салуу режиминин бир нече катышуучуларынын бир убакта катышуусуна жол берилет:

- атайын жөнгө салуу режими Улуттук банк тарабынан демилгеленсе;

- ушул сыяктуу операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү тесттен өткөрүүгө багытталган атайын жөнгө салуу режими башталган күндөн тартып 6 (алты) айдан ашпаган убакыт өтсө.

Мында, атайын жөнгө салуу режиминин катышуучуларынын бир убакта катышуу мөөнөтү ушул сыяктуу операцияны жана кызмат көрсөтүүнү тесттен өткөрүп жаткан колдонуудагы атайын жөнгө салуу режиминин мөөнөтүнөн ашпоого тийиш.»;

8) 8-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«8. Билдирменин курамына төмөнкүлөр кирет:

- ушул Жобого карата 1-тиркеменин формасы боюнча даярдалган, Билдирме ээсинин бланкында таризделген билдирме ушул Жобого ылайык атайын жөнгө салуу режимин түзүү жөнүндө өтүнүч менен бирге берилет, анда билдирмеге тиркелген документтердин тизмеги камтылууга, ошондой эле жетекчинин кол тамгасы коюлууга жана Кыргыз Республикасынын мыйзам талаптарына ылайык Билдирме ээсинин жана Кошо билдирме берүүчүнүн (эгер болсо) мөөрү менен күбөлөндүрүлүүгө тийиш;

- ушул Жобого карата 2-тиркеменин формасы боюнча Билдирме ээси жана Кошо билдирме берүүчү (эгер болсо) жөнүндө маалымат жана Кошо билдирме берүүчүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу;

- аны тестирлөө Билдирме ээси тарабынан сунушталган, ушул Жобого карата 3-тиркеменин формасы боюнча операция, кызмат көрсөтүү/технология жөнүндө маалымат;

- сунушталып жаткан апробацияланууччу кызмат көрсөтүү/операция боюнча атайын жөнгө салуу режимин түзүү зарылдыгын баалоо үчүн кеңири маалымат;

- жарыяланган уставдык капиталдын суммасын көрсөтүү менен тиешелүү мамлекеттик органдардан тастыктама алуу үчүн Кошо билдирме берүүчүнүн реквизиттери көрсөтүлгөн уюштуруу документтеринин нотариалдык күбөлөндүрүлгөн көчүрмөлөрү же электрондук формалары (эгер болсо);

- Билдирме ээсинин акыркы отчеттук финансылык жыл үчүн тиешелүү түрдө күбөлөндүрүлгөн бухгалтердик/финансылык отчету;

- лицензия үчүн төлөмдү тастыктаган документ. Лицензия үчүн мамлекеттик алымдын өлчөмү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык аныкталат;

- лицензия алууга ишеним каттын түп нускасы;

- эгерде Кошо билдирме берүүчү Улуттук банк тарабынан көзөмөлгө алынуучу юридикалык жак болуп эсептелбесе, Улуттук банк тарабынан атайын жөнгө салуу режиминин алкагында план чегинде/пландан тышкары жайгашкан жерине барып инспектордук текшерүүгө Кошо билдирме берүүчүнүн жазуу жүзүндөгү макулдугу (1-1-тиркеме);

- сунушталган операцияны жана кызмат көрсөтүүнү жүргүзүүдөн күтүлүп жаткан натыйжалардын болжолдуу экономикалык эсептер.

Уюштуруу документтерин жана бухгалтердик/финансылык отчёт

берүү талабы Улуттук банктын көзөмөлүнө алынган жана Кошо билдирме берүүчү (эгер болсо) катары иш алып барган жактарга колдонулбайт.»;

9) 9-пунктунун биринчи сүйлөмү «мазмуну жана маңызы» деген сөздөрдөн кийин «продукттун инновациялуулугун негиздөө менен» деген сөздөр менен толукталсын;

10) 11-пунктунун төртүнчү абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«- Кыргыз Республикасынын учурда колдонулуп жаткан мыйзам талаптарынын алкагында, Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына инновациялык технологияларды/чечимдерди банктык операцияларга/кызмат көрсөтүүлөргө, анын ичинде виртуалдык активдер менен операцияларга колдонууга киргизүү мүмкүнчүлүгүнө экспертиза жүргүзөт.»;

11) 12-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«12. Эгерде билдирмени кароонун жүрүшүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык Билдирме ээсине (Кошо билдирме берүүчүгө) кызмат көрсөтүүнү сунуштоого тоскоолдук жаратпай тургандыгы аныкталса же Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында лицензиялоо ченемдери каралса, анда Билдирме ээсине (Кошо билдирме берүүчүгө) тиешелүү түшүндүрмө жөнөтүлөт.»;

12) 14-пунктту- төмөнкү мазмундагы жетинчи, сегизинчи жана тогузунчу абзацтар менен толукталсын:

«- ушул сыяктуу операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү же операцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү ишке ашырууда колдонулуучу технологияларды тестирлөө үчүн атайын жөнгө салуу режими демилгеленип, ал башталган күндөн тартып 6 (алты) айдан ашык убакыт өтүп кеткен болсо;

- 3 (үч) же андан көп жолу ушул Жобонун талаптарына жооп бербеген документтер берилсе же толук эмес берилсе же белгиленген мөөнөттөн кечиктирүү менен берилсе.

Баш тартуу себептерин көрсөтүү менен атайын жөнгө салуу режимин түзүүдөн баш тартылгандыгы жөнүндө кат алган, ошол эле маселе боюнча документтерди кароодон расмий түрдө баш тартылган күндөн тартып 6 (алты) ай ичинде кайрадан берилген Арыз ээсинин арызы кароого алынбайт.»;

13) 14-1-пунктунун биринчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«14-1. Атайын жөнгө салуу режиминин алкагында учурда башка субъект/субъекттер тарабынан сунушталып жаткан банктык операцияларды/ кызмат көрсөтүүлөрдү жана виртуалдык активдер боюнча операцияларды тесттен өткөрүү үчүн атайын жөнгө салуу режимин түзүүгө арыздар төмөнкү маалыматтар кошо берилген учурда кабыл алынат:»;

14) 15-пунктунун:

- биринчи абзацы төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«15. Комитет Арыздын курамына кирген документтерди кароонун негизинде төмөнкү чечимдерди кабыл алат:»;

- үчүнчү абзацта «укук берүүчү лицензияны берүү» деген сөздөрдөн кийин «же лицензия берүүдөн баш тартуу» деген сөздөр менен толукталсын;

- төмөнкү мазмундагы абзац менен толукталсын:

«- тесттен өткөрүү процессинде Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын талаптарын, техникалык тапшырманын талаптарын бузуу аныкталганда жана/же штаттан тышкаркы жагдай/инцидент орун алганда же тест ийгиликтүү катары таанылган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана (же) Улуттук банктын ченемдик укуктук актыларына тиешелүү өзгөртүүлөр киргизилгенге чейин атайын жөнгө салуу режиминин алкагында банктык операцияларды/кызмат көрсөтүүлөрдү жана виртуалдык активдер менен операцияларды жүзөгө ашырууга берилген лицензияны токтотуу же кайтарып алуу жөнүндө. Атайын жөнгө салуу режиминин Катышуучусу убактылуу лицензияны 30 (отуз) жумуш күнү ичинде тапшырууга жана төлөм системасынын башка катышуучулары менен төлөмдөрдү жана эсептешүүлөрдү (жыйынтыктап эсептешүү) аяктоого тийиш.»;

15) 20-1-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«20-1. Атайын жөнгө салуу режими жүргүзүлүп жаткан учурда Катышуучулар тобокелдиктерди башкаруу, «өз кардарыңды бил» саясатын ишке ашыруу, кылмыштуу ишти каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди легалдаштырууга (адалдоого) каршы аракеттенүү чөйрөсүндөгү талаптарды, банктык сырды сактоо, жеке маалыматтардын купуялуулугун жана корголушун камсыз кылуу, керектөөчүлөрдүн укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо,

ошондой эле операцияларды коопсуз жүргүзүү боюнча талаптарды сактоого милдеттүү.»;

16) 22-1-пункту «жөнгө салуу режиминин алкагында банктык операцияларды» деген сөздөрдөн кийин «, ошондой эле виртуалдык активдер менен операцияларды» деген сөздөр менен толукталсын;

17) 24-пункту төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«24. Лицензияда көрсөтүлгөн тестти аяктоо датасына чейинки 30 (отуз) календардык күндөн кечиктирбестен атайын жөнгө салуу режиминин Катышуучусу Улуттук банкка тест өткөрүү мөөнөтүн узартуу жана мындай мөөнөтүн узартуунун максатка ылайыктуулугу себептерин көрсөтүү менен жазуу жүзүндө арыз менен кайрылышы мүмкүн, ага ушул Жобонун 31-пунктуна ылайык отчет тиркелет. Мындай арыз 15 жумуш күнүнөн ашпаган мөөнөт ичинде кароого алынат.

Тесттен өткөрүү мөөнөтү узартылган учурда тестти аяктоо боюнча жаңы дата көрсөтүлгөн Комитеттин кошумча чечими чыгарылат. Комитеттин тест өткөрүү мөөнөтүн узартуу жөнүндө кошумча чечим 1 (бир) гана жолу жана 6 (алты) айдан ашпаган мөөнөткө гана кабыл алынышы мүмкүн. Лицензиянын мөөнөтү узартылган учурда Комитет төмөнкү учурлардын биринде техникалык тапшырмага өзгөртүүлөрдү киргизүүгө укуктуу:

- инспектордук текшерүүнүн жүрүшүндө тобокелдиктер аныкталса;

- кызмат көрсөтүүлөр боюнча комиссиялар жана тарифтер рыноктук деңгээлден жогору белгиленсе;

- рынокту монополиялаштыруу белгилери, анын ичинде Катышуучунун үстөмдүк кылуучу абалы байкалса;

- керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоого жана тобокелдиктерди минималдаштырууга багытталган башка шарттар.»;

18) 26-пункт төмөнкү редакцияда баяндалсын:

«26. Атайын жөнгө салуу режиминин катышуучусу лицензияда көрсөтүлгөн датадан тартып тестирлөөнү баштоого укуктуу. Катышуучу тестирлөө башталган датага чейин кеминде 5 (беш) жумуш күнү мурда Улуттук банкка тиешелүү арыз жөнөтүү аркылуу лицензияда көрсөтүлгөн датага чейин тестирлөөдөн баш тартууга укуктуу.

Тестирлөө башталганга чейин баш тартуу жөнүндө арызда төмөнкүлөр камтылууга тийиш:

- лицензиянын реквизиттери (номери, берилген датасы), тестирлөө

башталган дата жөнүндө маалымат;

